www.bizdin.kg электрондук китепканасы

«ЭЛ АДАБИЯТЫ» сериясы

# Мундук, Зарлык
# Кыз Дарыйка
# Нарикбай

11

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

NATIONAL ACADEMY OF SCIENCES OF KYRGHYZ REPUBLIK

NATIONAL CENTRE OF MANAS STUDIES AND ARTISTIC CULTURE

THE «MEERIM» INTERNATIONAL CHARITABLE FOUNDATION
FOR SUPPORT OF CHILHOOD AND MATERNITY

# MUNDUK, ZARLYK
# KYZ DARIKA
# NARIKBAY

THE 11-TH VOLUME
OF «EL ADABIATY» (PEOPLES'S LITERATURE) SERIES

РЕДКОЛЛЕГИЯ:
АЙТМАТОВ Ч. Т. — башкы редактор
АКАЕВА М. Д.
АКМАТАЛИЕВ А. А. — башкы редактордун орун басары.
ЖАЙНАКОВА А.
ИШИМКАНОВ К. К.
КАКЕЕВ А. Ч.
КАРЫПКУЛОВ А. К.
КЕБЕКОВА Б. К.
КЫРБАШЕВ К. К.
МУСАЕВ С. М.
ШАРШЕНАЛИЕВ Ө .

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК
ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

МАНАСТААНУУ ЖАНА КӨРКӨМ МАДАНИЯТТЫН
УЛУТТУК БОРБОРУ

ЭЛ АРАЛЫК «МЭЭРИМ» КАЙРЫМДУУЛУК
ФОНДУСУ

# МУҢДУК, ЗАРЛЫК
# КЫЗ ДАРЫЙКА
# НАРИКБАЙ

«ЭЛ АДАБИЯТЫ» СЕРИЯСЫНЫН
11-ТОМУ

КРУИАсынын корреспондент-мүчөсү,
филология илимдеринин доктору, профессор
АБДЫЛДАЖАН АКМАТАЛИЕВДИН
жалпы редакдиясы астында

Түзгөн жана баш сөздөрүн жазган — филология
илимдеринин кандидаты ГҮЛБАРА ОРОЗОВА

Бишкек
«Шам» басмасы, 2002

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

ББК 82.3 (2 Ки)
М—95

М—95 **Муңдук, Зарлык. Кыз Дарыйка. Нарикбай:**
поэмалар; /А. Акматалиевдин ред. астында. Түз.
ж-а баш сөздөрүн жазган Г. Орозова; Кырг.
Улут. И. А. ж. б. —Б.: Шам, 2002—448 б. —
(«Эл адабияты»).

ISBN 5-7499-0124-6

Түрк элдери фольклордук чыгармаларга өтө бай. Алардын түпкү башаты бир болуп, өз ара карым-катышынын натыйжасында көркөм мурасы да бири-бирине жуурулушуп, үндөшүп, орток чыгармаларга айлангандыгы маалым. Мында жарыяланып жаткан «Муңдук, Зарлык», «Кыз Дарыйка», «Нарикбай» поэмалары түрк элдерине орток чыгарма болуп, кыргыз арасына кеңири жайылып, элдик дастандардын катарын байытып, жалпы элдик идеалды даңазалаган поэтикалык чыгармалар катары таанылат.

М $\frac{4702300500}{\text{М } 455(11)-2002}$ $126-2002$ ББК 82.3 (2 Ки)

Басмага Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынган.

Рецензенттер: — филология илимдеринин кандидаттары —
Батма КЕБЕКОВА, Абдыкерим АБДЫРАЗАКОВ

© Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борбору.
© Эл аралык «Мээрим» кайрымдуулук фондусу.
ISBN 5-7499-0124-6
© «Шам» басмасы 2002.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

# «НАРИКБАЙ» ПОЭМАСЫНЫН ТАРЫХЫЙ НЕГИЗИ ЖАНА КЫРГЫЗ ВАРИАНТТАРЫНЫН СЮЖЕТТИК-КОМПОЗИЦИЯЛЫК БӨТӨНЧӨЛҮКТӨРҮ

«Нарикбай» поэмасы ногой, казак, кара калпак, башкыр, Крым, Казап татарларында жана кыргыздарда да айтылат. Жогоруда саналган элдерде «Эр Чоро», «Шора», Шора батыр» аталса, бизде негизги каармандын бири Нариктин атынан «Нарикбай» делет. Чоро — тарыхта болгон адам, Крым хандыгынын князы[1]. Карамзиндин летописинде Казандагы согушта Крымдан келген Чоро дегендин 1546-жылы өлтүрүлгөндүгү маалымдалат. Айрым тарыхый материалдарга караганда, Крым, Казан хандыгында жергиликтүү князь төрөлөр менен орус империясынын ортосундагы чыр-чатакка да катышы бар көрүнөт[2].

Шора Нариков тарыхта белгилүү адам болгонун бир кезде өзүнүн изилдөөсүндө С. Сейфуллин да эскерген. Башка илимпоздор да ушул ойдун чындыгын бекемдешкен. Алсак, татар фольклористи Ф. Урманчеев «0 происхождении баитов»[3] деген макаласында Чоро жөнүндө татар фольклорундагы ырлар тарыхта жашаган адамдын каармандык образынан жаралгандыгын далилдеген.

Филология илимдеринин доктору, профессор, казак окумуштуусу Рахманкул Бердибаевдин[4], Мухтар Ауэзовдун[5], В. М. Жирмунскийдин[6], В. В. Восторов, С. М. Муканов[7] ж. б. көптөгөн окумуштуулардын эмгектеринде Чоро баатыр тарыхта болгон инсан экени изилденип, такталган.

Мына ушундай фактылардан кийин Нарикбай уулу Эр Чоро тарыхтын белгилүү бир мезгилинде жашаган, элге белгилүү тарыхый инсан болгон деп айтууга толук негиз бар. Ошол инсандын тегерегиндеги тарыхый чындык кылымдан кылымга элдин эсинде аңыз болуп айтылып отуруп, көркөм чыгарманын пайда болушун шарттаган. Ал эми ал тарыхый кырдаалды чагылдырган окуя канчалык даражада алгачкы нугун сактагандыгына, кандай өзгөрүүлөргө дуушар болгондугуна элдик оозеки чыгарманы жаратуучулар, мезгил, доор, чөйрө, коомдук саясий өзгөрүүлөр, диний көз караштар сыяктуу турмуштук факторлор себеп болгон. Натыйжада «Чоро баатыр» чыгармасынын түзүлүшүнө жогоркудай Чоронун өмүр баянындагы реалдуу окуя (Крымдан Казанга барышы, ал жерден бийлик жүргүзүшү, каза табышы) негиз болуп, ошонун натыйжасында анын айланасында аңыз-аңгеме түзүлгөн.

«Нарикбай» поэмасынын казак, кыргыз, башкыр, татар, ногой, каракалпак, чуваш элдеринде бир канчадан версиялары жана Шора баатыр жөнүндөгү ыр, аңыз аңгемелер жолугат. Алардын бардыгы Нарик уулу Чоронун айланасындагы окуяларга байланыштуу. Ар бир өз ара жалпылыгы айырмачылыгы, өз алдынчалыгы менен фольклордук чыгарманын жүгүн көтөрүп турат.

Айтуучулардын маалыматына караганда поэма кыргыздарга казак ырчы-акындары аркылуу өткөн. Түрк элдеринин түпкү тарыхы бир башаттан башталып, ар тараптуу жакындыгы — адабий мурастарынын, фольклордук чыгармаларынын бири-бирине өтүп, орток казынага айланышын шарттаган.

«Нарикбай» поэмасынын кыргыздарда айтылышында XVI кылымдагы тарыхый жана биографиялык окуянын изи да калган эмес. Тарыхый адамдын ысмы гана сакталып, түп-тамырынан өзгөрүп, уруучулук-феодалдык түзүлүштүн ички карама-

[1] Фалев А. Введение в изучение тюркских литератур и наречий. —Ташкент, 1922, с. 34.

[2] Карамзин Н. М. История государства Российского-Санкпетербург. 1834, т. 8, С. 78—79; Казанская история. М — Л., 1954, с. 78—82. Карамзин Н. М. История государства Российского Тула. 1990, т. VII, 196-6.

[3] Урманчеев Ф. О происхождении баитов. Советская тюркология, 1983, № 6.

[4] Бердибаев Р. Эпос —эл казынасы. Алматы, 1995.

[5] Ауэзов М. Адабият тарыхы. Алматы. Ана тш 1991.

[6] Жирмунский В. М. Тюркский героический эпос. Л., Наука.

[7] Восторов В. В. Мукамов С. М. Родоплемемный состав и расселение казахов. М., 1964, с. 78.

каршылыктары, өз ара араздашып бытыраган кыргыздардын калмак төбөлдөрүнүн баскынчылык жортуулуна каршы биригүүгө умтулуусу, алардын азаттык күрөшү «Нарикбайдын» идеялык мазмунун түзөт. «Нарикбай» поэмасы көбүн эсе Кыргызстандын түндүгүндө жана Талас өрөөнүндө казактар менен коңшулаш аймакта айтылат. «Чоро» поэмасын Арстанбек күндөп-түндөп узак ырдачу деген да маалымат бар[8]. «Наркан» деген ат менен Токтогул да айткан Акындын талантынын күчтүүлүгүнөнбү, айтуу манерасынын ар түрдүүлүгү, үнүнүн кооздугунанбы, айтор угуучуларга зор таасир калтырган. Ал айтып жатканда тыңшап отургандар ыйлап отуруп угушчу экен[9]. Бирок Токтогул айткан деген варианттын ырдык текстти колдо жок Калмырза Кожобеков мазмунун гана кара сөз түрүндө айтып берген[10]. Бул тууралуу, дегеле «Чоро» чыгармасынын кыргыз жергесинде айтылышы, таралыш аймагы жөнүндө алгач фольклорист Б. Кебекова сөз козгогон[11]. Айтуучулардын таржымалына белгилүү даражада токтолуп өткөн. Сөз арасында айта кете турган пикир тектеш элдердин фольклористика илиминде «Чоро» поэмасы көп жылдар иликтөө объектисине алынбай келген Буга чыгарманын айрым нускаларында Казань шаарын алууда падышалык бийлик менен жергиликтүү калктын ортосундагы кагылышуулардын, курал-жарактуу, көн сандуу орус конушу менен кармашуу жоготууга учураган элдин азап-тозогунун чагылышы себеп болсо керек.

«Нарикбай» поэмасынын ары толук, ары көркөм вариантын[12] түзүүчүлөрдөн болгон Турсалы Сырдыбаев чыгарманы Сулайман Конокбаевден угуп үйрөнгөн (Турсалы Сырдыбаев 1902-жылы туулган), ал дагы башка бирөөдөн уккандыгын эскерген экен. Азыркы кезде алгачкы аткарган адамдын ысмы унутулган. Кийинки муундагы айтуучулар гана эл эсинде сакталган. Кыскасы, «Чоро» поэмасынын кыргыз жергесинде түзүлүшүнө акындардын ири тобу катышып, кылым аралап келип бизге жеткен, көп варианттуулукка көтөрүлгөн. Албетте, айтуучулардын көбү элдин эсинен чыгып унутулган. Калк эсинде Арстанбек, Жаныш, Токтогул, Сулайман, Алымкул, Турсалы Сырдыбаев, Сооронбек Чойбековдор сакталып калган. Канчасы көмүскөдө калып унутулгандыгын болжоп айтуу кыйын. Тилекке каршы жогоруда саналгандардын ичинен да Турсалы Сырдыбаев жана Сооронбек Чойбековдун айтуусунда гана бизге келип жетти. Натыйжада чыгарманын окуялары тармакталып, тарыхый доору интерпретациялануу менен кыргыздардын конкреттүү тарыхый, турмуш-тиричилик, көркөм салгын өз боюна сиңире ошол элдин төл чыгармасына айланган. Бул ойдун чындыгы кыргыздарда айтылышынын окуяларына, образдарына токтолуп, анализдөөдө аныкталды. Алсак, Турсалы Сырдыбаевдин варианты бир топ көлөмдүү (5200) ыр жолдон турат, көркөмдүгү жогору. Поэма Нарикбайдын баласыздыгын баяндоодон башталып, мында да окуя алты арым аргын, тама уруусунда өтөт. Бир тулпардын кесепетинен ага-ини араздашып, Нарикбайдын көчө жөнөшү. Т. Сырдыбаевден да орун алат. Бирок анын инисине ат бербей коюшу малды аягандыктан жөн жай иш эмес, анын жагдайы терең да, кайгылуу да. Анткени Нарикбайдын малы эпсиз көп, төрт түлүгү шай болгону менен бир перзентке зар, көөдөнүнө кайгы толгон адам болот. Аялы Каным бир күнү желе четинде турса, өтө бир сымбаттуу айгыр кайыптан пайда боло калып, жылкынын Камбары чаар бээни жандап калат. Ошондо ал: «Эгерде ушул чаар бээ тулпар тууса, менин да балалуу боло тургандыгым. Кулундун атын Гүлсары коюп, уулума мингизем. Уулдуу болгончо башына жүгөн салдырбайм» — деп тилек кылат. Ойлогонундай чаар бээ тулпар тууп, аял кулунду Гүлсары атайт. Нарикбай аргын, таманын аксакалы, кадырлуу адамы болгондуктан, андан өтүнүп, эч ким жүгөн салбай, кулун эркин жүрүп, келишимдүү тулпар болот. Ошол кезде калмактар келип, Али-бийдин (мында ал иниси делет) жылкысын чаап кетет. Иниси жылкынын артынан кубалап бармак болуп Гүлсарыны сурашып киши жибергенде

8 Борбордун кору. Инв. № 394 (1302).

9 Борбордун кору. Инв. № 61 (2047).

10 Борбордун кору. Инв. 61 (2047).

11 Кебекова Б. Кыргыз-казак акындарынын чыгармачылык байланышы. — Фрунзе; Илим, 1985, 61, 62, 84, 87, 88.

12 Борбордун кору. Инв. № 575 (5213).

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

агасы:

Ээлейм десе — жер мына,
Сурайм десе — эл мына, ,

адырдагы толгон малдан кармап минсин—деп, Гүлсарыны бербей коёт. Али-бийдин өзү келгенде «Жеңең ушуга тилек кылып койгон экен, айтканыңдан кайт, өрүш толгон жылкымдан каалаган атынды тандап алып, минип кет» — деп суранат. Анда иниси Али-бий карыга катуу сөз айтып, аны «куубаш» атайт. «Артыңда уул, кызың жок, Нарикбайдын жайы — деп, салып кеткен изиң жок, үстүнө ээр салынбай, Гүлсары жайдак жүрүп өтсүн, атты камындырбай, душманың минсин»—деп, көңүлүн муздак суу куйгандай муздатат. Али-бийдин сөзүнөн улам Нарик алты арым аргын элин таштап, мазар тайып, жер кыдырып кетет. Дегеле бул вариантта жер-суу таюу, ата-бабанын, арбактын культуна сыйынуу сыяктуу элдин диндик ишеними көркөм сөздүн предметине айланып, ары кызыктуу, ары элестүү баяндалат.

Кыскасы, келечектеги баатыр баланын бойго бүтүшү узак зарыгуудан, жер-суу тайып, ата-бабанын арбагына сыйынып азап чегүүдөн кийин болуп өзүнүн мазмуну, багыты жагынан эпостогу салттуу окуяны түзөт. Бирок «Нарикбайда» окуя схема түрүндө тартылбастан, толук баяндалышы, баланын пири жөнүндөгү диндик түшүнүктүн көркөмдөштүрүлгөн түрдө поэмага кириши, негизгиси кыргыз чыгармасынын өз алдынчалыгы, өз өзгөчөлүгү менен түзүлүп өсүп-өнүгүшү болуп саналат.

Кемпир-чал жер кезип жүргөп учурда Гүлсары тулпарым жете келип, Нарикбай кеткенден кийин «калын, аргын, тама элинин көргөн азап-тозогун айтып» турган жери кыргыз вариантына таандык окуядан болуп, байыркы адамдардын аттын культу жөнүндөгү түшүнүгүнүн поэмага чагылышкандыгын ачык көрсөтүп турат. Адамга тете Гүлсары ат ээсинин мойнунан жыттап күйгүлүктүү сөз баштайт.

Сен көчкөн жерде аргындын
Уулу түгүл, кызы жок,
Сан жылкыңдын изи жок,

калмактар (бир жерде монголдор) өзүңдөн калган элди чаап кеткен. Али-бий байгеге сайылган кул, катындары күң болгон. Улуу-Тоо менин мекеним, кайыптан бүткөн экемин. Эркек балалуу болосуң, атын Чоро кой. Андан көрө үстүмө мин, эртерээк кырк үйлүү тамага жеткирейин. Калың аргын, таманы калмактын каратып алганы үч жылдын жүзү болду. Уулдары кул, кыздары күң, элдин арманы ичине толду. Кошун жыйнап артыбыздан келер — деп, өзүңдөн үмүттөнүп жүрүшөт. Элдин камын көрбөсөң, калкка кыйын болду» — дейт. Т. Сырдыбаевде калмак төбөлдөрүнүн кыргыздарды бүлгүнчүлүккө учуратышы, согуштун калкка тийгизген залалы бир топ реалдуу баяндалат. Калмак хандарынын аргын, таманы оңой эле чаап кетишине алардын ич ара араздашып, ыркы кетиши себепчи болот. Журт башы Нарик Али-бийге таарынып, өзүнө таандык кырк үйлүү таманы -бөлүп алып, Карахандын жерине көчүп кетет.

Ушул тапта калмактар басып кирип, Али-бийди туткунга алып, калың аргын, тама калмакка кул, күң болуп, калк катуу кезеңди башынан өткөрүп турган мезгилде Чоро төрөлөт. Эр баланын жарык дүйнөгө келиши журт кызыкчылыгына шайкеш келип, өз доорунун талабы, эл мүдөөсү менен тикеден-тике айкалышып турат. Кырк үйлүү тама эр уулдун төрөлүшүн зор кубаныч менен тосуп алат. Балага той берүү, ат коюу шаан-шөкөтү да салттуу жагдайда өтүп, жалпы салтанатка айланат. Нечен жыл үстүнө ээр, башына жүгөн түшпөй жүргөн Гүлсарыга ээр токулат. Ошондо карт Нарик:

Кызыл желек, алтын туу
Көтөрүлсүн кылкылдап — деп,

келечекте чабылып-чачылып ыдыраган кыргыздардын башын бириктире турган баатыр уулдун жайы туурасында жарыя салат. Натыйжада карт атанын Чоронун эрезеге жетип, душманга аттанар маалын зарыга күтүп калышы эпостогу салттуу окуяны түзөт. Бала он экиге чыкканда Нарик элден-журттан кабар алалы —деп, калкына акыл салат.

Ошондо эр уулдун «санатын бузган хан болсо, сайышайын өлгүчө» — деп, калмактын артынан барып, жоо колуна кеткен малды, калайык калкты кайтарып келмекке атанын ар-намысын коргоп, жоого каршы аттанышы баатырга таандык салттуу жөрөлгө. Кыргыз нускасында элдин эпикалык душманы адаттагыдай калмактар болуп эсептелет. Т. Сырдыбаевде окуянын өткөн орду Түндүк Монголия, Жети-Суу аймагындагы жер суу аттары аталып, калмактар кыргыздарга чектеш эл катарында мүнөздөлөт. Поэма боюнча Чоро барган кезде калмактар кыргыздарды Таш-Туюкка жайлаштырып, Чуп балбанга бийлетип, «отуз үйлүү таманы отун алдырып, суу ташытып койгон экен». Баланын баатырлыгын көрүп, калмак ханы жарашууга макул болуп, жоокерчилик замандын мыйзамы боюнча кыргыздардын койгон шартын кабыл алып, Чорого Ак Бакма кызын берип, Керкүрөң тулпарды мингизип, кер бучкактан тон кийгизип, өлгөн-житкен адамдарга кун төлөп, Чорону элине узатат. Чоронун кыргыздын өткөндөгү өчүн, кеткендеги кегин алып, азган-тозгон, чабылып-чачылган элди бириктирүү максатында калмактар менен согушу:

Кыргыз элден тараган,
Нарикбайдын уулу экен.
Чыныгы баатыр бул экен,
Желип жетсе Гүлсары,
Желмаян өтүп кеткендей,
Качканды кууп жеткендей,
Кууганды кармап кескендей.

* * *
Сайса найза өткөн жок,
Чапса кылыч кескен жок,
Ак булалуу ак зоот
Эч бир жарак тешкен жок — деп,

калмактардын «жүрөгүнүн үшүн алган», «каршы келгендин жазасын берген», «12 жашында миң аскерди кырган» алп катары берилет. Жанындагы жигиттери да Чородон кем калбаган «көзүнөн жалыны чыгып, колунда кылыч ойногон» азаматтар. Ошентип, жоону жеңип, араздашкан эки ага-ини да бириктирип, чоң той өткөрүшү менен окуя аяктайт.

«Нарикбай» поэмасынын кыргызча варианттарынын экөөсүндө да Нарикбай картайгандыгына карабай али алдан күчтөн тая элек баатыр экенин анын Өгүз хандын жигиттери менен кармашкандагы окуядан байкоого болот. Ал эми Чоромун баатырдыгы поэмада жалаң эле кара күчтүн ээси эмес, акыл-эстүү, жаш болсо да эл башында туруугa татыктуу инсан катары мүнөздөлөт. Ошондой эле поэмада башка, экинчи планда турган каармандар эпикалык стилге ылайык жалпылык, салтанаттуулуктан тышкары конкреттүү баяндоолор, сыпаттоолор менен алардын жеке ар биринин мүнөзүнө жараша образдары ачылган.

Ал эми С. Чойбековдун[13] варианты Т. Сырдыбаевдин айтуусуна караганда сюжеттик-композициялык жагынан өзгөчөлөнүп турат. Анын айтуусунда окуянын башаты Нарикбайдын ата-тегин, Көкчөнүн кызы Гүлканышка үйлөнүшүн, тама элине хан болушун баяндоодон башталып, Т. Сырдыбаевдин вариантынан айырмаланып турат. Бул нуска боюнча Эшим —

[13] Фонду. Инв. № 575 (5213).

Нарикбайдын иниси, анын үстүнө ата-энеден эрте ажырап, Гүлканыштын колунда чоңоёт. С. Чойбековдун айтуусунда Али-бий менен Нариктин, Чоро менен Али-бийдин ортосундагы талаш-тартыштар, карама-каршылыктар казак чыгармасы менен ачык окшоштугун сактап калган. Мында да агаининин араздашына Гүлсары ат себепчи болот. Дегеле бул бардык варианттар үчүн туруктуу окуя белгиленет. Бирок С. Чойбековдо араздашуунун мотиви башка. Эшим чыгыш жактагы тама элине он эки жыл хандык жүргүзөт. Өзүнөн чыккынчы чыгып, «душман сырын алдырып», байкоосуздан жоого чаптырат. Калмактар басып кирип, жылкысын айдап кетип, жоо артынан баруугa белдүү ат табылбайт. Кошуну тарап, элдин ынтымагы бузулуп, ыркы кетет. Өзү тоо-ташты түкөк кылып качып жүрүп, акыры аялынын акылы боюнча Нарикбайга барып, Гүлсары атын сурайт. Агасы «сан жылкынын ичинен самаганынды ал» десе көнбөн, Нарикке катуу сөз айтат.

Бар атынды бербейсин,
Айбандай мени көрбөйсүн,
Арам өлгөн как баш чал.
Бир тууганмын, мен дейсин
Өлүгүң калып көмүлбөй.
Малыңды талап эл жесин!

Инисине катуу нааразы болгон Нарикбай
Инимден катуу жеме уктум,
«Как баш» деген кеп уктум,
Бир перзенттин жоктугу —
Уу кошкон сөзүн эми уктум.
Кантейин, бала жогунан,
Кайгылуу күнгө жолуктум.
Мындан көрө тентийин,
Жур, Гүлканыш оолуктум,
«Балаң жок, как баш» деген сөз,
Башталышы кордуктун[14]

деп жолго чыгат.

Баласыз атанын кордолуп, куугунтукталышы, анын «зарлап, жаратканга жалынып», олуя, кырк чилтенге, мазар ыйык жерлерге сыйынышы, кан чыгарып, түлөө берип анан баланын сыйкырдуу бойго бүтүшү, болочок баланын жөн бала болбой баатыр, өзгөчөлөнгөн бала болуп төрөлүшү түрк элдеринин турмушуна жана фольклордук салтына негизделип түзүлгөн жалпы архаикалык мотив[15].

С. Чойбековдун вариантында Нарик уулу Чоронун образы эпикалык салт боюнча адилеттүү баатыр катары мүнөздөлөт. Окуянын чечилиши да, баатырдык эпостун салтына ылайык. Чоро атасы карт Нариктин, аз үйлүү таманын өчүн алып, Али-бий менен эсептешкенден кийин:

Калкыбыз кайда, журт кайда?
Эл таппасак намыс да —деп,

алты суу тама элин, же өлүүсү, тирүүсү билинбей, зынданда жаткан агасы Эшимдин дайнын билмекке элин көчүрүп жөнөп калат. Калмакка тыңчы жиберип, Эшимдин зынданда жаткандыгын билип, кол курап барып, бошотуп алат. Кыскасы, мында да чабылып-чачылган эл кайрадан биригип, Чорону хан көтөрүү менен окуя аяктайт. С. Чойбековдо да өз ара араздашып

[14] Фонду. Инв № 575 (52131.
[15] Кебекова Б. «Кыргыз.. казак акындарынын байланышы». — Ф.: Илим, 1985. 146-б.

бытыраган элди бир эл катарында биригүүгө, сырткы душмандан Ата Мекендин, Ата-конуштун азаттыгын коргоого чакыруу мында да чыгарманын негизги идеясын түзгөн. Поэмага камтылган башка окуялар ушул жалпы идеяга баш ийдирилип, ошонун айланасына топтолгон.
Негизинен кыргыз, казак чыгармасына таандык окуянын жалпы схемасы С. Чойбековдо да сакталган. Бирок окуяны баяндоо манерасы, салттуу багыты жагынан айырмалуу. Ириде чыгарманын идеясы жоокерчилик доордун талабына, баатырдык темага баш ийдирилет. Ошондуктан хан, бийлердин өз ара араздашуусу, чыр чатагы экинчи катарга сүрүлүп, жалпы элдик доордун проблемасы биринчи планга көтөрүлүп, поэманын он каармандары Нарик менен Чоронун образы да ушул багытта талкууланган.

Жыйынтыктап айтканда, «Нарикбай» дастаны XIV—XVI кылымдардагы Алтын Ордо хандыгынын, Ногой ордосунун составында болгон азыркы ногой, татар, капакалпак, казак, кыргыз элдеринин өз ара мамилелери, алардан кийин калмактар менен согушу жөнүндөгү окуяларды, конкреттүү элден, конкреттүү жерлерди чагылдырган тарыхый негизи бар чыгарма. Поэманын мотивировкасы эпикалык чыгарманын салтына баш ийдирилгенине карабастан анын башаты эл башынан өткөн тарыхый окуяларга барып такалат. Поэма баштан аяк эки бир туугандын (Нарикбай менен Эшимдин, кээде Али-бийдин), эки элдин (калмак менен Ногойдун, калмак менен казактын, калмак менен кыргыздын) ортосундагы конфликттердин айланасындагы окуялардын негизинде курулган. Элдик оозеки чыгармалардын салтына таандык финалдагыдай «Нарикбай» поэмасында да элдик баатыр, сактоочу, коргоочу — Чоро баскынчыны кууп чыгып, окуя жеңиш менен аяктайт, б. а. Элдик идея жеңет.

Чыгарманын поэтикасы туурасында да бир топ ойлорду айтууга болот. Мисалы, С. Чойбековдун вариантында макал сыяктанып, эки саптан туруп, биринин маанисин экинчиси толуктаган учкул сөздөр) көп колдонулган. Бул чыгарманын философиялык, нускоочулук маани-маңызын тереңдетип, көркөмдүгүн арттырып турат. Мындай форма башка нускаларда көп кезикпейт. Алардын кээ бирлерин мисалга келтирели:

Ажал деген аткан ок
Кайда экен деп ойлонбо.

Эси жоктун бир сөзүн
Эч ким айтпайт жар кылып.

Жонуңдан кетпейт шор, кайгы,
Жолукса кырсык адамга.

Баркы кетет адамдын
Башынан бакыт кетсе эле.

Алдынан тосот ырыскы,
Адамзат бакыт көрөрдө.

Тууган да, эл да табылат,
Турмушуң турса оңунда.

С. Чойбеков өзү акын болгондуктан ушундай көркөм каражаттарды чебер колдонуп, поэманын өзөгүнө сиңирген.

Кыскасы, «Нарикбай» поэмасынын кыргыздарда айтылышы калктын турмушундагы коомдук, социалдык маселелерди чагылыштырышы, кыргыздардын баатырдык эпосторуна таандык салттуу мотивдердин талкууланышы жагынан башка түрк элдеринде айтылыштарынан

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

кескин айырмаланып турат. Натыйжада чыгарма башатында коңшу элдердин көбүнесе оозеки түрүндө өткөн болсо да, бир канча кылымды аралап, кыргыздын социалдык-коомдук көз караштарын, турмуш-тиричилик жактарын, салт-санаасын, адабий, маданий салтын, философиялык ой толгоолорун өз боюна сиңирүү менен кыргыз элинин төл чыгармасына айланган.

# НАРИКБАЙ (С. ЧОЙБЕКОВДУН АЙТУУСУНДА)

## КИРИШ СӨЗ

Мен 16 жашымда же, 1924-жылы биздин Чимкент деген айылга (азыркы Чолпонбай колхозу, Киров району) казак элинен Бегадил деген акын келип, Шайдылда, Кенжетай дегендердин үйүндө (күз мезгили) таң аткыча (ырдап) айтып, эртең менен бир жерде кашка ат мингизип жөнөтүшкөн. Уруу оюк деген элден экен (азыркы Жамбул областы). Ошондо Нарикбай хаи дегенди ырдаган. Кызыкканымдан уктабай таң аткыча жанында отурдум. Нарикбай хан дегендин жөнү мындай экен: казак элинде тама деген уруудан Нарикбай 18 жашында Гүлканыш деген кызга үйлөнөт экен. 17 жашында Нарикбайдын апасы, эркек бала төрөп, каза болот экен. Атасы аялынын боюнда экенинде өлөт экен. Бала бешикте калат. Эл журту чогулуп Нарикбайдын атасы, апасы да өлдү, жаш бала бешикте калды. Нарикбайга убал болду. Колуктусун алып берели деп көпчүлүк кеңеш курат экен. Нарикбайдын атасы тирүү кезинде Көкчө хандын кызы Гүлканышка кулдук урган экен. Ошол кызды Гүлканышты Нарикбай алат. Гүлканыш келгенде жанагы бешиктеги баланы тарбиялап, багып калат. Баланын аты Эшим. Нарикбайдын атасы өтө даражалуу бай адам экен. 6 суу жылкысы болгон экен. 6 болуш эл болуу керек. Бегадил акын Гүлканыштын атасы Көкчө хан деп айтканы эсимде. Нарикбай менен Эшимдин атасынын аты ким экендиги жөнүндө Бегадил акын айткан эмес. Нарикбай Гүлканышты алган жылы Тама элинин ханы өлүп калат, өлгөн хандан да урук калбайт. Бүткүл тама эли чогулуп мындай дешет: Нарикбайдын атасы өтө даражалуу бай эле. Канча элдер ушунун 6 суу малы менен жан сактаган. Кайраттуу адам эле.

Нарикбай болсо Көкчө хандын кызын алып отурат. Хандыкка Нарикбай болсун деп көпчүлүк хан шайлашып алышат. Ошондон тартып Нарикбай 60 жашка келгенче хандык доордо жашайт. Гүлканыш Эшимди 18 жашка келгенче баласындай багып өстүрөт. Аял алып берип үйлөндүрөт. Гүлканыш ошол убакка чейин төрөгөн эмес.

**Эшим жөнүндө сөз:**

Нарикбай кадырлуу хан болуп, даңкы чыгат. Эшим инисин чыгыш жакты сен тоскун деп, элинин чыгыш жак жармысына хан шайлап коет. Эшим да кадырга ишенип аскер жыйнап, элин коргой баштайт. Ал кезде калмактар менен каргаша каршылык күчөй баштайт. Күрөшүү менен 19 жыл арадан мезгил өтөт. Бир күндөрү: калмактар күч жыйнап келип минерге тай койбостон бүтүн жылкысын чаап алып кетет. Эшим калмакка каяша кылууга чамасы келбей калат. Калмактар болсо душмандар келбей койбойт, алдын тосуу керек деп өз жеринде күчүн жыйнап жата берет. Бул кабар Нарикбай ханга жетет. Ошондо Нарикбай менен Гүлканыш 6 суудагы малдарын көрүүгө жөнөгөнү:

Улуту казак тегинен
Тама деген элинен
Нарикбай деген хан чыккан,
Себердин берки чененен.
Атасы барктуу бай экен.
Алты суу малы бар экен.
Даражалуу бай дешип,

Даңкы чыккан чагы экен.
Урматташып, сыйлашып,
Уруусу тууган тама экен.
Бечара карып, мискинге
Райым кылчу хан экен.
Жалгыз уулу Нарикбай,
Жаш өспүрүм бала экен.
Түштүк жагын ээлеген
Көкчө хан деген бар экен.
Анда да бар жалгыз кыз.
Бир эркекке зар экен.
Көкчө ханга барам деп
Кызына сырга салам деп
Аттанып калды бай акең
— Ассолоому алеким!
Көкчө ханым аманбы?
Көп көрдүң жакшы жышаанды.
Пейилиңиз келсе алик ал
Бергени келдим саламды
Кадырман ханым уксаңыз
Каалабайм, кылдай залалды.
Маанайыңда жалгадың,
Мен сыяктуу таалайды.
Алты суу, тама элим бар,
Уккандырсыз кабарды.
Кечирим кылып, кабыл ал,
Алдыңа келген адамды.
Жакшылык менен келген соң
Жашырып кетсем жарайбы.
Аялым калды төрөттөн,
Асырап жалгыз баламды.
Барзанттин аты Нарикбай,
Он бешке койду кадамды.
Ханым ушул уксаңыз
Менден болгон авалды
Он беш жашар балам бар
Отуз төрттө аял бар.
Андан бери төрөбөйт,
Акыреттик алган жар.
Тагдырым башка бербесе,
Менин кандай аргам бар.
Мал-мүлкүмдү айтайын,
Алты суу толгон чарбам бар.
Бечара карып, мискинге
Дайым менден жардам бар.
Өздөрү да жашырбайт.
Менден жардам алгандар.
Ханым сизге айтайын,
Менде да терең арман бар.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Ичи тардык кылышып,
Көңүлү менден калган бар.
Кокустан душман катылса
Ханым болор бекен жардамдар.
Алтын, каухар жетишет,
Keминде төрт жүз жагдан бар.
Жетишет ханым мал болсо
Сизден күткөн жардамым.
Мен сыяктуу бай болсо
Уулумду бөлсөм кудалап,
Курбулаш кызы бар болсо,
Мал эмес башым ортодо
Баркымды билчү жан болсо
Арманым жок кудайга,
Балким сиздей хан болсо.
Жалгыз уулум Нарикке,
Түбөлүктүү жар болсо.
Алган жарым бечара
Төрөбөй калды ал болсо.
Арманым болбойт болуучу,
Жалгызым, эки «пар» болсо.
Жадырап көөнүм ачылмак,
Ушундай эки «ай» болсо.
Ойдогусун айткандай,
Ойлонуп калды хан болсо.
Тама элинде бир адам
Бай экен деп укканмын.
Алты суу толгон көп малы
Бар экен деп укканмын.
Байлык менен дуулаган
Чагы экен деп укканмын.
Сөзүңдүн түрүн байкасам
Рас экен деп укканмын.
Перзентим жалгыз деп калдың
Басынттыбы душманың?
Уулуңду күйөө кылсам деп,
Кыздын жөнүн сурадың.
Жардам берсең дегенсип
Күчтүн жөнүн сурадың.
Балам бар кызы болсо деп
Байдын жөнүн сурадың.
Менин да жалгыз кызым бар,
Сөзүңө мерип турамын.
Байкасам чеки эмессиң,
Манчыркайт ханым дебессиң.
Көөнүмө жаккан адамга,
Көтөрүлүүчү эмесмин.
Жаныңда жалгыз мен өстүм.
Тамадан мендей сен да өстүң.

Жүрүңүз үйгө конок бол,
Байбичем менен кеңешкин,
Байбиче кызым куп десе,
Мунуңар ыксыз дебесмин.
Эки чынар баш кошсо,
«Күн» менен «айдай» тең өссүн.
Тагынан басты так кылып,
Өкөбү бирдей шыктанып,
Хан жөкөрү алдынан,
Даяр турду такталып.
Кандай сөздөн баштайм деп
Бай баратат ою апкарып.
Хан кабары боюнча,
Үй ичи калган чактанып.
Үй ичин көрүп хандын да,
Көңүлү тойду байдын да.
Түрлүү тамак, жемиштер,
Даяр турду алдында.
Алтындан бүткөн идиштин,
Шарабы турат жанында.
Гүлканыш кызы жаркырайт,
Кереги жоктой шамдын да.
Гүлканыш гүлгүн он төрттө,
Уялат жүзү айдын да.
Хандын үйү кубулжуйт,
Элес бардай жайдын да.
Байбиче айып көрбө деп,
Сөз баштады «Бай» мында.
Ушунча тузум бар экен,
Үйүңө келип калдым да.
Куда болсом экен дейм,
Кулдугум бар алдыңда.
Кечирип кой байбиче.
Аламын десең жан мында.
Жалгыз уулум Нарикбай,
Түнкүсү, күндүз жарыктай.
Он бешке келген кезеги,
Кетбесем болбос тааныбай,
Эркелеп турам ханыңа,
Эселки көргөн тааныштай.
Менин уулум, сиздин кыз
Бир үйдө күйгөн жарыктай.
Жарашса жек жаат болсок дейм,
Жакшы ниет багыштай.
Аялым дагы төрөбөйт,
Бир гана уулум турганы.
Менде да жалгыз бир уул,
Жараткандын кылганы.
Кыркка келдим ханыша,

Өтөт тура жыл дагы.
Ошол кезде ханыша,
Мөлт этип көзүн ымдады.
Таң агарып кылайып,
Кош айтышты түн дагы.
Алты суу «тама» элим бар,
Ханым бар, байым, бегим бар.
Алты суу малдуу байы мен,
Ошолор сыйчу жерим бар.
Силердей азиз хандарга,
Жек жаат болчу көөнүм бар.
Аянбайм сизден малымды,
Айткамын кече баарымды.
Аздык кылса ал эмес,
Аябайм сизге жанымды.
Ошенткенде ханыша,
Токтото албай сабырды,
Эки чынар баш кошсун,
Көндүрүп ал ханыңды.
Бардыгы таттуу күлүшүң,
Үйдүн ичи жаңырды.
Кулдук кылды бай туруп,
Кучакташты кан туруп.
Уруксат сурап бай хандан,
Бет алган экен айылды.
Элине кайра бай келди,
Учурашып эп келди.
Кыдырып эчен жер-сууну,
Куда таптым мен деди.
Алты суу толгоп жылкыдан,
Алты жүз айдап кел деди.
Айтканына эл көнүп,
Алты баатыр эр келди.
Алар аша чабышты
Алты суу адыр белдерди.
Алты жүз жылкы айдашып,
Алтоо тең тең келди.
Алгы жүз жылкы мал менен,
Алтымыш лөк зор менен,
Алганы сулуу жар менен,
Нарикбай уулу жанында,
Жигиттер кошо шаң менен,
Көксөөнү* ал байдын
Көрүшүү Көкчө хан менен.
Самаган куда келди деп,
Хандыгын журтка белгилеп,
Калың эл, жигит канча адам,
Алдынан тосту желбиреп.
Андай жерде Нарикбай,

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Унчукпай кантип жөн жүрөт.
Гүлканышты көрүүгө,
Жеңелерин көндүрөт.
Канышты көрүп Нарикбай,
Жүрөгү кетти элжиреп.
Нарикбайды көргөндө,
Гүлканышка «өң» кирет.
Нарикбай күйөө болгонун,
Бардык кыргыз эл билет.
Эки куда ниети бир,
Душмандар кантмек келжиреп.
Арадан элдер сөз кылат,
Байлыгы ханды жеңди деп.
Эки күн көрүп сайранды,
Өткөн күн тойго айланды.
Уруксат сурап кудадан,
Бай кетүүгө камданды.
Менде да душман жок эмес
Хамым, көрсөтө жүргүн жардамды.
Эсилгеп эки кудага,
Эл көрүп укмуш таң калды.
Келинди качан алсам деп,
Өтүнүч сурап бай калды.
Экинчи жылы алгын деп,
Эскерте сүйлөп хан калды.
Макул болду кудасы,
Башка айтууга ал барбы?
Ызаат-сый көрүп кудадан,
Бай кайтууга камданды.
Кудалар кетти аттанып,
Айдашып келген мал калды.
Укканды жаздым кагазга,
Же чыныбы, же жалганбы?
Бай алган терең оюна,
Кам көрүп келгин тоюна.
Ошол жылы бүтүптүр,
Аялынын боюна.
Соо бүткөн жок бул бөбөк,
Багына же шоруна.
Алты айлык бала билинип,
Чыкпады иши оңуна.
Аябай катуу бай ооруп,
Ажалдын түштү торуна.
Тайсалдабай жан берди,
Тагдырдын аткан огуна.
Нарикбай болсо малынды,
Кайгынын күйгөн чогуна.
Кападар болду аялы,

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Кайран байдын жогуна.
Асапка бүткөн турбайбы,
Алты айлык бала боюна.
Кайран бай өлдү, келин жок,
Ким камданат тоюна.
Ааламдан жарык көрөбү
Алты айлык калган бөбөгү.
Мезгили жетип бир күнү,
Бечара эркек төрөдү.
Күйүтү чыгып аялдын,
Кубаныч кайра бөлөдү.
Калдайган тама кубанды,
Кайран байдын белеги.
Карыса да аялы
Кайгынын орду төлөндү.
Намыстанса бел болот,
Нарикбайдын жөлөгү.
Абысын, аял чогулуп,
Жентек май болду жегени.
Кайгысы кетип ичинен,
Кайраттуу кылды жеңени.
Нарикбай болсо кубанат,
Атакемдин төлөбү.
Алдейлеп сүйүп көтөрүп,
Аялдын болду медери.
Жаш бала алты ай болгондо,
Бешикке алты ай конгондо,
Атасынын өткөнү,
Бир жыл болгон болжолдо,
Апасы катуу ооруду,
Камалып кайгы коргонго,
Баласы ыйлайт бешикте,
Чама жок барып соргонго.
Нарикбай болсо дагы ыйлайт,
Апама кырсык болгонго.
Кош айтышты апасы,
Түн кирип жылдыз толгондо.
Ажал деген аткан ок,
Кайда экен деп ойлонбо.
Кабар берди чабарман,
Кары, жаш, улуу чоңдорго.
Камынышты эл журту,
Бешим убак толгондо.
Бакырып ыйлайт Нарикбай,
Апасын жерге койгондо.
Аялды коюп келишти,
Азалуу журту кейишти.
Бардык эли кайгырат,
Баланы ким эмизди?

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Эл үчүн сойгон бээлердин,
Эттерин элге беришти.
Нарикбайды үйлөнтүү,
Акыркы максат негизи.
Азасына хан келген,
Хан каншасы дагы келген.
Журтка берген тамактан,
Хан — кудагый тең ичти.
Кетеринде Көкчө хан,
Жаш баланы өбүштү.
Бир сүйлөгөн ханмын деп,
Убадамды берсин деп,
Арбагын сыйлайм байдын деп,
Алты суу тама элиңер,
Келиниңди алгын деп,
Алар да жашын төгүштү.
Эртеси эли жыйналды,
Нарикбай коштоп курбалды.
Аксакал кары, улуудан*
Чогултуп жакын тууганды.
Жылкыдан тандап миңди алды,
Алтын, каухар түрлүү алды.
Сурап калат Нарикбай,
Баруучудан ким калды.
Улуу кичүү баш кошуп,
Куданы карай жол алды.
Алар сапар тартканда,
Үстүнөн тиктеп күн калды.
Ата-энесиз Нарикте,
Капалуу кайгы кир калды.
Атасы менен бир барган,
Ошондой бакыт күн барбы?
Кубанып сүйсө болгону,
Гүлканыштай, гүл жарды.
Көкчө хандын айлына,
Күүгүм өтүп, түн барды.
Бардыгын кабыл алышты,
Көкчө хан ойлоп намысты.
Бир жумага той жасап,
Көкбөрү байге чабышты.
Кечкисине бээ союп,
Кудаларын багышты.
Кырк нарына үй артып,
Кыркына алтын, жүк артып,
Гүлканыш минип жоргого,
Кудалар кайтып калышты.
Колунда бар адамдар,
Жарашат кылса ар ишти.
Үйүнө келип Нарикбай,

Курман деп боз бээ чалышты.
Эртеңден той болот деп,
Элине кабар салышты.
Кана тойго келгин деп,
Калыс болуп бергин деп,
Өзүнөн чыккан ханы бар,
Ошого милдет тагышты.
Арбакка атап, аш берди,
Алыстан конок, ат келди.
Алты суу, тама бүт бойдон,
Андан да башка калк келди.
Нарикбайдын бул ишин,
Ага-ини, журту нарк көрдү.
Он күнгө конок күтөбүз,
Чабарман берип айт деди.
Он күндөн кийин ат байге,
Бул абалдан калган салт деди.
Эртең менен тай союш,
Кечкисине бээ союш,
Азырынча аш деди,
Кабарлашып кайт деди.
Ошентип келген элдерди,
Он күнгө чейин бакты эми.
Сойгону семиз бээ болуп,
Келген эл жыргап жатты эми.
Даярдансын эртеңге
Чабыла турган ат деди.
Азандан жарчы жар салды,
Чабыла турган ат барбы.
Бардыгыңар даярда,
Байгеге чапчу аттарды.
Он күнү жатып зериккен,
Коноктун баары аттанды.
Саяпкерлер күлүктүн,
Көкүлүн түйүп чактанды.
Үч күнчүлүк узакка,
Айдашты күлүк аттарды.
Ушулардын бардыгын,
Өзүнүн ханы башкарды.
Тамак-аш берип тоюнтту,
Бечара, карып өскөндү.
Эки күн өтүп үчүнчү,
Ат келүүгө аз калды.
Балбандарын даярдап,
Эңиш, күрөш башталды.
Эңиш, күрөш жыкканга,
Алтын-күмүш ат сайды.
Эртеси кечке ат келди.
Айдоочу болгон калк келди.

Чыккан атты таянчы,
Башкарган ханга алып келди.
Байгенин башы жүз жылкы
Санап туруп нак берди.
Ушундай марттык ызаатты,
Бүткүл келген калк көрдү.
Эл арасы сөз козгойт,
Нарикбай мырза март келди.
Жарчыга ханы тапшырды,
Жарчысын мындай айттырды:
Эртенден баштап той болот,
Келгенди бүтүн жаткырды.
Экиге бөлүп элдерди,
Көкбөрүсүн тарттырды.
Сойгону чыгымдалганы,
Мин жылкыны зарп кылды.
Нарикбайдын минткени,
Дүйнө чиркин шарт кылды.
Он күндөн кийин эл тарап,
Олжолуу болуп эл барат.
Жыйырма күндө эл тарап,
Жылкылуу болуп эл барат.
Нарикбайдан кеп салат,
Намыстуу экен деп калат.
Бардыгы түрлүү кеп салат,
Март экен жигит деп калат.
Туруктуу экен азамат,
Душмандан да кекти алат.
Ата энеден бир эркек,
Бешикте экен деп барат.
Антсе деле Нарикбай,
Арыстан экен деп алат.
Нарикбайдын оюнда,
Армандуу кайгы өрт калат.
Жаш инисин көргөндө,
Жалындап ичин өрт чалат.
Ата-эненин жоктугун,
Аргасыздан эске алат.
Ат мингизип ханына,
Аттандырды аны да,
Ага кошуп каухарды,
Алтын, күмүш дагы да.
Атадан калды дүнүйө,
Нарикбайдын багына.
Айлына кетип баратып,
Хан келди мындай арына,
Менде бир эркек бала жок,
Алдыңбы кудай каарыңа.
Өлүп кетсем ким минет,

Эңгиреп калган тагыма.
Кайсы балам отурат,
Өлөр кезде жаныма.
Кайсы балам ээ болот,
Өлгөндө менин малыма.
Кайсы уулум үйлөнөт,
Бир элдин кыздуу ханына.
Мен өлсөм калган дүйнөмдү,
Душмандар талар аны да.
Нариктен кабар алалы,
Кантти экен жетим баланы.
Энесиз жатат бешикте,
Эмне болду абалы.
Аш, той өттү арадан,
Балага кимдер карады.
Өлбөсүн байкуш жетим деп,
Өлү сүт бере салабы.
Аны ойлонсо Нариктин,
Бүркөлө түшөт кабагы.
Нарикбай ойлойт ичинде,
Үшүтүп кайгы санааны.
Калтырбай баарын узатты,
Калган тууган тамаңы.
Гүлканыш багып жүрүптүр,
Бешикте калган баланы.
Жетимдей начар жан эмес,
Жаркырайт күлсө кабагы.
Гүлканыш жаңы келгенде,
Бешикти тиктеп карады.
Эмне үчүн бакбайын,
Энемдин керез — карагы.
Гүлканыш бакты жетимди,
Эркелетти Эшимди.
Энемден калган керез деп,
Эр жүрөгү эзилди.
Бир жашар болгон кезинде,
Бешигинен чечилди.
Эки жашка чыкканда,
Ээсине кирди шекилди.
Энедей багып Гүлканыш,
Балакатка жеткирди.
Баланын көөнү шаттанып,
Бара-бара эс кирди.
Он сегизге чыкканда,
Жигит болду сөз билги.
Гулканыш менин апам деп,
Ойлонбойт башка эч кимди.
Төрөбөй калып Гүлканыш,

Он сегиз жыл өткөрдү.
Кылчайып карайт Нарикбай,
Кыйла жыл өтүп кеткенди.
Хан барды кечке үйүнө,
Капанын түшүп түбүнө.
Аялы билип келгенин,
Алдынан чыкты жүгүрө.
Хан кабагы бүркөлдү,
Жайдары жүргөн күнүгө.
Эмнең ооруйт ханым деп,
Эңкейет аял үңүлө.
Эки, үч ай ооруп, тура албайт,
Эл журту калды түңүлө.
Алты суу тама туугандар,
Алдында турду жүгүнө.
Калкына ханы мындай дейт:
Бул ооруу жетет түбүмө,
Аркамда туяк жок болду,
Армандуу кылды дүнүйө.
Кокустан өлсөм хандыкты,
Ыйгарамын кимине?
Андан ары сүйлөбөй,
Байлануу кирди тилине.
Армансыз согуш башталып,
Ага да жардам табылмак.
Мага душман келбейт деп,
Жүргөнгө Эшим даңылдап.
Эшимде кубат көп болсо
Калмактар да чабылмак.
Эсерлик кылып алдырды,
Эшимиң кимге таарынмак.
Нарикбай, Эшим бир болсо,
Калмактар сөзсүз багынмак.
Дайыма болбойт бир беткей,
Дүнүйө чиркин чагырмак.
Минерге белдүү ат калбай,
Эшимдин жолу тарылат.
Жанында аскер, тууган жок,
Бардыгы кетти арылап.
Душманга малын алдырып,
Алалбай келин жандырып.
Минүүгө белдүү аты жок,
Сурагандан ар кылып,
Эшим калды аргасыз,
Ээн талааны жай кылып.
Түндө качып кетпесе,
Калмактар кетмек нан кылып.
Өзүнөн чыккан чыккынчы,
Душманга сырын чалдырып.

Атынан Эшим айрылган,
Качканда жоого сайдырып.
Ишенип жүргөн аскерден,
Келген жок бири кайрылып.
Кайрат күчү бар болсо,
Калмактар кетмек айбыгып.
Талаадан ичет тамакты,
Аялына алдырып.
Элдери кетти тарашып,
Эшимдин багын тайдырып.
Каттаган адам түшүнттү,
Нарикбайды кандырып.
Нарикбай угуп кабарды,
Аябай жаны карарды.
Гүлканышка мындай дейт,
Уруптур кудай балаңды.
Калмактар алып мал мүлкүн,
Тартыптыр Эшим залалды.
Аскерин, элин күтө албай,
Кетириптир аларды.
Алтымыш ашкан кезимде,
Менин да көөнүм карацгы.
Кудайым бизге бербеди,
Кубат кылар баланы.
Бизднн малдар кантти экен,
Жүр Гүлканыш баралы.
Ээн жаткан көп малдын,
Эмне болду абалы.
Бир келген жоодон жеңилип,
Эшимдин иши чабалбы.
Арданып атсыз жатат дейт,
Алына бирөө карайбы.
Уялбай качып талаада,
Ошенткени жарайбы.
Гүлканыш. Нарик жөнөдү,
Малдарын көрүү себеби.
Белдер ашты, суу кечти,
Калган жок сай, дөң, өрөөнү.
Алты суу толгон малына,
Келди деп айтсын дегени.
Олтургузган жанына,
Гүлканыштай жеңени.
Кош ат кошкон пайтондо*,
Сергитип желге денени.
Намыстанат өкөбү,
Эшимге жүктөп жемени.
Аскери бар, эли бар,
Кармашбай жоого береби.
Адамдык менен күтпөсө,

Хандыктын кимге кереги.
Атаганат жаш өмүр,
Алыстап бизден жөнөдү.
Ай, Гүлканыш бербеди
Алдейлеп сүйөр медерди.
Деп ошентип баратса,
Кез келди сайдын тереңи.
Булагы бар шылдырап,
Бетеге камыш шуудурап.
Кээ бир жери аска таш,
Корумдун суусу кулдурап.
Этек жагы өзөн суу,
Жылжып агат тунжурап.
Жайылып жатат көп жылкы.
Басыпта койбойт зыңгырап.
Кыймылдап жатат бир кулун,
Капкагы менен былжырап.
Көрө коюп өкөбү,
Пайтонду* кайрып жылдырат
Түшө калып эрди-аял,
Кулунду көрүп — «шуң» кылат.
Гүлканыш айтып жарына,
Капкагын сыйрып жулдурат.
Айбан да болсо балам деп,
Аракет кылып багам деп,
Ошол жерден «ырым» кылат.
Кулунду жууп, тазалап,
Баладан бетер азарлап.
Капилет бирөө көз салса,
Калбасын деп насарлап.
Кубанып кайтты айлына,
Келген өңдүү басарлап.
Үйүнө келип мал союп,
Эт салынды касапдап.
Кулун болсо баладай,
Баскан болот тамтаңдап.
Эгерде болсо берзентгүү,
Экөбү кайра жашармак.
Айбан да болсо балам деп,
Уйкусун бөлүп азандап,
Жеп, ичүүчү тамагын,
Алдына тосот катарлап.
Гүлканышка эркелеп,
Жүгүргөн болот такандап.
Упчу менен сүт берсе,
Баладай ичет папаңдап.
Эртеси элин чакырды.
Бээлердин эти асылды.
Тагдырым сүйүп мендейди,

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Үчөө кылды башымды.
Кулунду элге көрсөтпөй,
Ашканага жашырды.
Эл журту турду куттуктап,
Нарикбай хандай баатырды.
Аял-эркек чуулдап,
Гүлканышка асылды.
Көрсөтсөң боло ханышам,
Жараткан берген алтынды.
Арыткан экен тагдырым,
Аарчычы көздөн жашыңды.
Элди көрүп Гүлканыш,
Кубанычтуу баш урду.
Кийин айтам эл журтум,
Жегиле карта казымды.
Туура тапты келген эл,
Гүлканыш айткан акылды.
Эл тамагын жеп болду,
Келген адам көп болду.
Гүлканыш элге баш ийип,
Төмөнкүдөй кеп болду.
Эмне айтар экен деп,
Арага шыбыр сөз толду.
Кандай сөздөн баштайт деп,
Отурган элдер тек болду.
Аял эркек шыбырап,
Бала кана деп койду.
Нарикбай хан, Гүлканыш,
Эл алдына кез болду.
Бүгүнкү күн кеч болду,
Туугандар бүгүн конгула,
Ардактуу конок болгула.
Сиздерге кылдым бул тойду,
Макул болуп эл конду,
Эсеби жок бээ сойду.
Ырдап, бийлеп кыз-жигит,
Шаңга толду түн койну.
Асандан калкы жыйылды,
Башкарды Нарик жыйынды.
Гүлканыш сүйлөйт экен деп,
Отурган элге угулду.
Гүлканыш элге мындай дейт,
Уккула, элим муңумду.
Айтканы келдим калайык,
Акыйкат ички сырымды.
Жазыгым барбы тагдырга,
Бербеди бизге уулду.
Баарыңар уктуң Эшимдин,
Башына түшкөн кыйынды.

Карыган кезде ханыңа,
Кайгыны тагдыр буюрду.
Калмактан Эшим запкы жеп,
Катташы бизге тыйылды.
Алты суу малды көрөлү,
Аманын билип келели.
Деп барганда эл журтум,
Баланын качып жүргөнү,
Бардык элге таралды.
Арадан алты жыл өттү,
Ким издейт андай адамды.
Эшим жок кеткен белгисиз,
Эмне кылсын аялды.
Калкын чаап, мал алып,
Иштеди калмак далайды.
Эшимди көрсө дагы эле,
Душманы кылмак залалды.
Азап-муңун бөлүшкөн,
Ошондой аял жаманбы.
Калмактар бийлеп, эл-журтун,
Башкарган борбор сарайды.
Аялы сүйлөйт мындай деп,
Арамы жок кылдай деп,
Алыңды эч ким сурабайт,
Алты жыл жаттың жылбай, жеп.
Адам болсоң баш көтөр,
Айтпайт го сени куурай деп.
Каршы жүргөн досторуң,
Калмакка кеткен жыргайм деп.
Аял да болсом мен жүрөм,
Алганымды кыйбайм деп.
Алигиче перзент жок,
Ант бердим беле туубайм деп.
Аскерден калдың бөлүнүп,
Калмакты чаап дуулайм ден.
Туругуң болду ээн талаа,
Душманды дос деп сыйлайм деп.
Калкыңан калдың ажырап,
Калмакты кошуп жыйнайм деп.
Баатыр да сендей болобу,
Айылга барсам сыйбайм деп.
Ошондо Эңиш арданды,
Оң колун тиштеп карманды.
Уккан эл кайдан жактырсын,
Талаада тентип калганды.
Эмне деген адамсың,
Журт көрбөсө пайдамды.
Ойлонуп түрлүү нерсени,
Ордунан туруп камданды.

Ээн талааны мекендеп,
Эси жок мендей жан барбы.
Алты жыл жүрдүм айбанча,
Конбогон кайсы сай калды.
Сурансам эл-журт кайрылар,
Душманга минер айбанды.
Жарак-жабдык бут тапсам,
Көргөзөр элем жаңжалды.
Туура айтасың байбиче,
Ким эр дейт жатып алганды.
Кайнатага баралы,
Ал киши айтар калганды.
Аялы бирге бүлүнүп,
Аптыгып, шашып кийинип,
Айылын көздөй бет алды.
Түн жамынып сүйүнүп,
Аны ойлогон эч ким жок.
Унуткан калкы түңүлүп,
Акыры кайтты элине,
Ушундай экен тирилик.
Атасы шордуу кепеде,
Айлынан качып сүрүлүп.
Таңга маал келишти,
Чаалыгып, чарчап, күйүгүп.
Эгерде болсо перзенти,
Алдынан чыкмак жүгүрүп.
Кыз-күйөөсү келгенге,
Чал-кемпир чуркап биригип.
Эки-үч күн бакты кепеге,
Эч ким жок жайга сиңирип.
Асандан Эшим жол тартты,
Агасын карай үңүлүп.
Ээндеп басып чамалап,
Эл-журтун келет аралап.
Кайыр сурап ар кимден,
Эки ээли тилин сабалап.
Мусапырга асылат,
Эриккен иттер авалап.
Кеч кирген жерге арга жок,
Конуп да калат, пааналап,
Кайгысы кетип Эшимдин!
Канткенде көөнү агарат?
Нарикбайдын жөн-жайын!
Билгиси келет дааналап.
Күн баткандай бир үйгө,
Конгону кирди сагалап.
Үйдүн ичи толгон эл,
Алдында тамак чаралап.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Бул жерге жакын кел дедй,
Боору ооруп бирөө каралап,
Нарикбайдан сөз болуп,
Тулпардын даңкы таралат.
Тамак да, чай да ичилет,
Агасын Эшим түшүнөт.
Отурган элдер көз салбайт,
Мусапыр жүргөн жүрүш деп.
Нариктин сөзү усаарып,
Эл оозунда тизилет.
Бирөөлөр калды мындай деп:
Иниси жөнсүз киши деп,
Хандыктан калды иниси,
Калкынын малын бүтүн жеп.
Калмактар алды хандыгын,
Кадыры жок үчүн деп.
Алты жыл болду жок имиш.
Нарикбай билбейт инисин дейт.
Бир тобу билсе, бир тобу,
Мени билсе өлдүм деп,
Эшимди эч ким түшүнбөйт.
Алигиче билишпейт,
Эшимдин өлүү-тирүүсүн дейт.
Эртеси барды кечинде,
Ким карайт карып Эшимге.
Хан Нарикбай баркылдап,
Олтурган жыйын четинде.
Кечки салкын жай мезгил,
Шамалдап кең кесири,
Эшимдин келип калары,
Эч кимдин жок эсинде.
Эшим таанып Нарикти,
Жаш толкуп эки көзүндө,
Күн батканда калың эл,
Камынды таркап кетүүгө.
Мурда эле Нарик тааныган,
Эшимдин келген кезинде.
Сабыр кылган аргасыз,
Кан ташып эки бетинде.
Мусапырды жүр деди,
Үйүнө конуп кетүүгө.
Алдына түштү мусапыр,
Ашыгып үйгө жетүүгө.
Кучакташып ыйлашты,
Көпкө чейин сырдашты.
Кызыр эмди тай сойду,
Кудайы кылып бир башты.
Адашып Эшим журтунан,
Алты жыл кайгы, муң басты.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Нарикбай менен Гүлканыш,
Баласын сонун сыйлашты.
Калмактан Эшим жашынып,
Тоо ташта алты жыл басты.
Каражат, курал, ат тапса,
Калмакка согуш кылмакчы.
Качып жүрөт дегизбей,
Душманга сокку урмакчы.
Кадиксиз тулпар ат минсе,
Калмакка найза сунмакчы.
Агасы берсе тулпарды,
Эшимдин көөнү тынмакчы.
Кетерде сурап минем да,
Тулпарын менден кыймакбы.
Кетерде Эшим суранды,
Эскертип айтып буларды.
Алты жыл качып талаада,
Агарып чачым кубарды.
Минерге белдүү атым жок,
Жөө жүрүп кайрат кыламбы.
Өзүмдүн аскер, эл журтум,
Билбепмин каршы чыгарды.
Капилет басып калмактар,
Хандык так баркым куланды.
Карасам элим, аскер, жок,
Өзүмдү-өзүм кыямбы.
Арга жок качтым, тоо ташка,
Жетелеп алган жубайды.
Алты жыл качпай кантейин,
Айылда жүрсөм сыямбы?
Катыакка каршы аттанып,
Бир чакырсам урааңды,
Жарамдуу тулпар берсеңиз,
Жайласам кошун дубанды.
Калмакка каршы согушуп,
Бир чыгарсам кумарды.
Эшимге Нарик жалынат,
Ат болсо иним табылат.
Атаң, апаң биз барбыз,
Айылда жүрсөң не кылат.
Алты жыл жүрдүң дайынсыз,
Аны ойлоп жаным кайыгат.
Алты суу малды не кылам,
Жаш болсо кетти арылап.
Ошонун баары сеники,
Тандап мин да баарын бак.
Алтын күмүш баары бар,
Минеден колуң тарыгат.
Жарак-жабдык ат болсо,

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Минерсиң тандап жаңылап.
Аскериң жок элиң жок,
Канткенде душман багынат.
Жалгызды душман коебу,
Аябай сөөгүң чагылат.
Чындыкты Нарик айтканда,
Гүлсарысын сурайм деп,
Экинчи Эшим кашынат.
Тулпарды берчи минейин,
Душманга каршы кирейин.
Кадиксиз тулпар Гүлсары,
Кайрат күчүн билейин.
Калмакка каршы согушун,
Калбырдай туусун тилемин.
Сарыңды берчи минейин,
Саргайткан жоого кирейин.
Кармашсам, куусам кадиксиз,
Тулпардыгын билейин.
Эшимдин айткан сөздөрү,
Нариктин алды үрөйүн.
Кантип минем деп ойлойт,
Өзүнөн кичүү күйөрүн.
Айбанда болсо балам деп,
Эл билет айтып жүрөрүн.
Балаңды минем дегенде,
Найзадай сокту жүрөгүн.
Балаңды минем дейсиң да,
Малымдын берем түгөлүн.
Гүлсары атты бере албайм,
А дагы сендей бирөөбү.
Бир атыңды бербейсиң,
Айбандай мени көрбөйсүң.
Арам өлгөн как баш чал!
Бир тууганмын мен дейсиң.
Өлүгүң калып көмүлбөй,
Малыңды талап эл жесин.
Сендей катуу как баштын,
Душмандар чапсын келдесин.
Калмактан жапа чеккенде,
Кангырсаң неге келбейсиң.
Элиң бар, колдо аскер бар,
Эмне жардам бербейсиң?
Тууган деп намыс ойлобой,
Айылда жүргүн жөн дейсиң.
Куурасам как баш кош эми,
Сенин куу башыңды жер жесин!
Бир айбанды балам деп,
Колуңду көккө сермейсиң.

Мээримсиз сендей бир боорду,
Экинчи көзүм көрбөсүн.
Арга жок Эшим жөнөдү.
Калтырып ата энени.
Катуу кетип каргады,
Как баш деп айтып жемени.
Бир тууганын кейиткен,
Бир айбандын себеби.
Мындайда жардам болбосо,
Тууганды кимге кереги.
Эшимдин как баш дегени,
Мустатты жүрөк денени.
Эшимдин кайда кеткени,
Белгисиз болду дареги.
Өлтүрүүгө кол барбайт,
Кагылуу жүргөң немени.
Балам деп баккан Нарикбай,
Баары бир атын береби
Нарикбай ыйлап, эси ооп,
Гүлканыш башын жөлөдү.
Как баш деген суук сөз,
Кайгылуу кылды энени.
Инимден катуу жеме уктум,
Как баш деген кеп уктум.
Карыя болгон кезимде,
Каардуу сөздү неге уктум.
Бир парзанттин жоктугу,
Уу кошкон сөзүн эми уктум.
Кантейин бала жогунан,
Кайгылуу күнгө жолуктум.
Мындан көрө тентийли,
Жүр, Гүлканыш оолуктум.
Бала жок, как баш деген сөз,
Башталышы кордуктун.
Кеп болуп дос, душманга,
Кереги кайсы чоңдуктун.
Иниден как баш деп уктук,
Ишибиз болбойт эми тың.
Тентиреп бала сурасак,
Теңирим берсе кетер муң.
Талаада тентип жок болсок,
Ит, кушта калсын биздин кун.
Гүлканыш ыйлап боздоду,
Жыгыла жаздап токтоду.
Ичине сактап катылган,
Кайгынын баарын козгоду.
Алдында Нарик а да ыйлайт,
Акыреттик кошкону.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Ушакты айтып ырбатмак,
Угушса душман достору.
Өз ичиңден чыкпаса,
Өгөйлөр күйбөйт окшоду.
Эшимди балам дечү элем,
Эмгек сүтүм тосбоду.
Күйгүздү бизди как баш деп,
Кудайдын уруп, соккону.
Уккандар кайра табалар,
Укбасын деги жоктору.
Перзент деп боздоп, буркурайт,
Көзүнөн чыгып оттору.
Бала деп ыйлайт экөө тең,
Башкага келбейт оздору.
Аттантып алты баатырды,
Агайин журтун чакырды.
Кабарлап айтып келгин деп,
Калтырбай алыс жакынды.
Аябай малды көп союп,
Айылда казан асылды.
Калтырбай тегиз келтирди,
Байы бар кедей, жакырды,
Калк, журту, бүтүн чогулуп,
Нариктин сөзү айтылды.
Ага, ини, калкым, билестер,
Алтымыш ашкан жашымды.
Алданын кылган иши экен,
Армандуу кылды башымды.
Ат бербейсин, как баш деп,
Аталаш Эшим бакырды.
Арга жок калдым буркурап,
Агызып көздөн жашымды.
Өлтүрүүгө кыйбадым,
Атасы бирге капырды.
Сиздерге айтып олтурам,
Ичтеги кайгы дартымды.
Малымдын баарын ал десем,
Бергин дейт, Гүлсары атыңды.
Баламдай көрөм кой дедим,
Ошону бер деп качырды.
Балаңды минем деген сөз,
Жулгандай болду чачымды.
Баламды бербеймин десем,
Как баш деп тилдеп жапырды.
Айбанды балам дейсиң деп,
Баласыз как баш сенсиң деп,
Гүлканышка асылды.
Ошондуктан эл журтум,

Кандыктан бошот башымды.
Каргадай берзент жогунан,
Как баш койду атымды.
Арман кылбайм журт сага,
Алып кал болсо карсыңды.
Тентиреп тилейм бир перзент,
Теңирим укса арзымды.
Нариктин муңу айтылды,
Бардыгын угуп калк турду.
Агасын как баш деп тилдеп,
Эшимди кандай ант урду.
Атын берсе болмок деп,
Ичинде көбү жактырды.
Эки бир тууган кейишип,
Баарын Гүлсары ат кылды.
Бир айбанды бербейм деп,
Как баш сөздү арттырды.
Гүлканыш менен Нариктин,
Суук кеп көңүлүн пас кылды.
Муңданып Нарик турганын,
Боору ооруп журту бир аз турду.
Акылдашып калың журт,
Төмөнкүдөй шарт кылды.
Ушул жашка келгенче,
Билбепбиз кайгы, запкыңды.
Капаланба Нарикбай,
Кетирбейт элиң баркыңды.
Берерин тагдыр унутпай,
Бардыгыңар бата бер,
Бала издейин сандалып.
Райым этсе кудайым,
Бир келермин айланып.
Авысын-ажын аялдар,
Кайгырып турат жарданып.
Кыйышбас жакын тууганы,
Кошулмак болду тандалып.
Кырк үйлүү болуп көчүштү,
Таңга маал ай жарык.
Гүлсарыны ээрчитип,
Бир азыраак малды алып.
Бала адамдын мөмөсү,
Бала жаанын жебеси.
Гүлканышта перзент жок,
Гүлсарынын энеси.
Көрүнүп калса кубанат,
Гүлсары аттын төбөсү.
Айбан да болсо жаныбар,
Адамдай эстүү деги өзү.
Ардактап баккан Эшимдин,

Нарикке тийди жемеси.
Белгилүү Гүлканышка,
Бешикте жаткан элеси.
Муңданып, ыйлап Гүлканыш,
Муздап барат денеси.
Кайда жүрөт болду экен,
Какбаш деп соккон немеси.
Капталам десе адамга,
Каргаша кырсык көп өзү
Каңгырап көчтү талаага,
Карыган Нарик төрөсү.
Нарикбай хандын көчкөнүн,
Эшим укту кеткенин.
Ошондо билди кайгырып,
Өзүнөн айып өткөнүн.
Алдынан тосуп чыгайын,
Жарабайт көрбөй кеткенин.
Артынан издеп жөө кетти,
Ийнине салып чепкенин.
Агасына жолугуп,
Айтпагын жашты төккөнүн.
Абайлабай чыккан сөз,
Атаке айып этпегин.
Кербен элең кечиргин,
Апаке менден өткөнүн.
Какбаш десем өзүмө,
Калкыңды таштап кетпегин.
Кара ниет ойду ойлонсом,
Тилегиме жетпейин.
Алты жыл тентип талаада,
Акылдан кеткен кестемин.
Акмактык кылган мен үчүн,
Алты суу элден бесбейин.
Кадыр баркым билбедиң,
Как баш деп бизди тилдедиң.
Алты суу малды бүт бердим,
Алардан неге минбедиң.
Ал дагы сага жетбесе,
Аз эмес эле үйдөгүм.
Баланды минем бер дейсиң,
Ошобу сенин күйгөнүң.
Андан бетер кайнатты,
Гүлканыштын жиндерин.
Алты айлык калдың бешикте.
Алдейлеп багып ирдедим.
Кийимиң таза, хан уулу,
Кирдеген жок бир жериң.
Бекер экен кан кузгур,
Перзентим деп жүргөнүм.

Маскара, акмак жоголгун,
Мага десең дагы тилдегин.
Арылар бекен башымдан,
Армандуу ушул күндөрүм.
Илгери карай жол тартты,
Эшимдин укпай үндөрүн.
Жөө калды Эшим талаада,
Кыйын иш болду ага да.
Айлам кандай болот деп,
Аябай батты санаага.
Нарикбай хан жок бата албай,
Алты суу тууган тамага
Үйүнө кайра барганда,
Туш болду, кокус жалаага,
Кармап алып калмактар,
Салышты «зындан» чарага.
Жонуңдан кетбейт шор, кайгы,
Жолукса кырсык адамга.
Нарикбай көчүп жол жүрүп,
Кез болду бир чоң калаага.
Алыстан келген мейманды,
Алты күнү багышты.
Кадырлап сонун сый кылды,
Кайтарында Нарикти.
Хандыгын элге билгизип,
Хан тахтына киргизип.
Гүлканышка Карахан,
Кырмызы кымбат кийгизип,
Алтын сөйкө, каухардан,
Кулагына илгизип.
Аксакал, жигиттерине,
Бир-бирден тулпар мингизип,
Жай, кыш, күзгө жер берди,
Жардамын анык тийгизип.
Белек кылды ханышка,
Бактагы гүлдөн миңди үзүп.
Кадыр кылды Карахан,
Кайтарда шарап бирге ичип.
Таанытты элге Нарикти,
Шаар аралап жүргүзүп.
Ачуулантты ошондо,
Аалы бийди күйгүзүп.
Тукурган душман жок эмес,
Аалы бийди үргүзүп.
Нарикбай кайра кайтканда,
Күн нуру жарык чачканда.
Нариктер келип айлына,
Дем алып жаңы жатканда.
Артынан кууду Аалы бий,

Нариктин айлын чапканга.
Нарик ханда күч барбы,
Душманга жооп айтканга.
Аалы бийдин кырк жигит,
Байланган кылыч капталга.
Арданып калган Аалы бий,
Отурган элдер какканда.
Качырып кирди Аалы бий,
Күн түш оого тартканда.
Мага намыс кылдыңбы,
Үйүмө конуп кайтканга.
Ардандыңбы как баш чал,
Мен үчүн белек айтканга.
Сага жерди ким берди,
Чал айтты деп мактанба.
Жер, суу, бийлик меники,
Акың жок бир күн жатканга.
Аалынын сөзүн жерге уруп,
Өзүнөн аны кем кылып.
Кайрат менен сүйлөдү,
Ханга башын тең кылып.
Анткенинин себеби,
Караханды бел кылып,
Качырып кирип жигиттер,
Нарикбайды мээге уруп.
Гүлканыш боздойт буркурап,
Көзүнүн жашын көл кылып.
Үйүнөн сүйрөп чыгышты,
Эл көрсүн деп дөңгө уруп.
Жардам кылчу эл кайда,
Андай жерде дем кылып.
Жесирдей ыйлайт Гүлканыш,
Жети өмүрүн жер кылып.
Байкуштарды кордоду,
Перзенттен кудай кем кылып.
Караа тутуп кырк үйлүү,
'Тууганын жүргөн эл кылып.
Азыр көч, какбаш мен бармын,
Алалбайсың жер кылып.
Нарикбай жатат араң жан,
Кыймылдап коюп араңдан.
Аябай жеди токмокту,
Аалы бий деген арамдан.
Нариктин мындай болушу,
Азабы жалгыз баладан.
Буркурап боздоп Гүлканыш,
Мындан бетер чала жан.
Буларга жардам кылуучу,
Чыкбады эч ким арадан.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Аалы бий кайтты айлына,
Алынча талап мал алган.
Куу баш деп укту Нарик хан,
Кутулбай башы залалдан.
Кырк үйлүү тууган чогулду,
Эмне чыкмак алардан.
Көтөрүшүп киришти,
Нарикбай ханды талаадан.
Көзүн ачты Нарикбай,
Кан чыгат урган жарадан.
Нарикбай келип эсине,
Элестеп кордук көзүнө.
Кармалап колу жабышат,
Кан агып турган бетине.
Отуруп мандаштанды да,
Бир топ сөз келди мээсине.
Бактык эле Эшимди,
Балапан кызыл этинде.
Эмчегин сунду Гүлканыш,
Энесиз калган жетимге.
Таң атканча алдейлеп,
Соороткону эсимде.
Жоодураган Канышым,
Кабылды беле кесирге.
Мындай күнгө туш болуу,
Жок эле менин ниетимде.
Хандыгым кана? Калк кайда?
Таяктын тагы эсимде.
Уруксат бергин, аз тууган,
Бала деп тентип кетүүгө.
Алла таала жеткирсе,
Аркамда калчуу жетимге.
Кырк үйлүү тууган агайын,
Нариктин байкап абалын.
Тарашбай баары отурду,
Таң атса кантип каларын.
Нарикбай элге мындай дейт,
Сөз айтам журтум карагын.
Отурасың туугандар,
Карыя жакшы, жаманың.
Баарыңар тургун саламат,
Бала деп тентип барамын.
Мындан көрө силерге,
Көрүнбөсүн карааным.
Кайрат кылар чамам жок,
Түтөнгөн кези атагым.
Душманга кайрат кылгыдай,
Бар беле элим жарагың.
Азыр кетем кайыр кош,

Алты айга чейин карагын,
Ага чейин келбесем,
Алты суу элге тарагын.
Айбанда болсо балам да,
Гүлсары кантетаралдым.
Гүлканыш, Нарик жөнөдү,
Белгисиз кайра келери.
Жамандык башка кез келсе,
Кайгынын басат тереңи.
Каңгыратты жараткан,
Кайран Нарик немени.
Ушундай күнгө туш кылган,
Бир парзанттин себеби.
Иниси жатат зынданда,
Билинбейт элге дареги.
Агасы минтти, ал анда,
Кудуреттин чебери.
Талаада жаткан бала жок,
Тентисе эле береби?
Иниси как баш дебесе,
Мынчалык авалга келеби.
Кырсыкты кайдан деп болбойт,
Же, куюндай учкан немеби.
Айылда калган Гүлсары ат,
Унутпайт баккан эмени.
Экөбү узак жол базып,
Жондорунда жол азык.
Тентиреп кетти бала деп,
Кийими жыртык өң азып.
Парзанттин зары болбосо,
Байкуштарга не жазык.
Жүдөштү тентип талаада,
Жүрөгү сыздап, тер басып,
Мазарды көрсө кыя өтбөй,
Бала деп зарлайт ыйлашып.
Тамандары жарылып,
Жыңайлак басат сыздашып.
Ээн талаа чөл менен,
Бири бирине ыкташып.
Аябай тартты азапты,
Денесин сирке, бит басып.
Кетеберди кемпир чал,
Кечкирген жерге укташып.
Жарыган уйку каякта,
Жабыркап боздоп, бук басып.
Кез-кезде үйгө келчи эле,
Ата-энесин көрчү эле,
Апасына эркелеп,

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Ак мамасын эмчи эле.
Ата-энеден дайын жок,
Гүлсары ат үйгө келсе эле.
Кошкурат ыйлайт таң калат,
Кокустан болгон нерсеге.
Үйдү тиктеп кишенейт,
Үн салып үч-төрт мертебе.
Көктөгү бурчак өңдөнду,
Көзүнөн жашын төктү эле.
Токтогон жок Гүлсары ат,
Сабыр кылып көп деле.
Артынан издеп жөнөдү,
Ата-энесин эскере.
Алар кандай болду экен,
Парзент деп тентип кетти эле.
Баркы кетет адамдын,
Башынан бакыт кетсе эле.
Күн тийип шашке болгондо,
Нур берип токой тоолорго.
Торгойлор сайрап чурулдап,
Магдырайт учуп конгонго.
Гүлсары ат келди кишенеп,
Эркелеп эмчек соргонго.
Гүлканыш, Нарикбай хандын,
Чыкканы бир ай толгондо.
Жетип келди Гүлсары ат,
Түш ооган мезгил болжолдо.
Гүлканыш, Нарик мусапыр,
Жер таппайт башын коргоого.
Теңирим башка салбаса,
Темселейт беле жол-жолдо.
Баладан эстүү Гүлсары ат,
Тил жок да сүйлөй койгонго.
Хандык кылган Нарикбай,
Эми каңгырап жүрөт ой жондо.
Башына келсе бак-дөөлөт,
Бут болдум деп ойлонбо.
Гүлканыш сүйлөйт уулуна,
Кучөнүп эсин жыйды да.
Куйүткө салып бизди деп,
Кудуретим кылды да.
Элди таштап тентидик,
Эшимден Назар сынды да.
Жүрөктөн кетбес так болуп,
Жүктөдү кудай муңду да.
Эгерде сенде тил болсо,
Жашырбайт элек сырды да.
Кайра барып баш-көз бол,

Жайнаган көп мал курбуңа.
Алты айда келип каларбыз,
Аман эсен тургула.
Душманың көп азыр бол,
Жардам болсун бир куда.
Артына тулпар бурулду,
Тили жок угуп турду да.
Өзгөрүп болду кайберен,
Өзөндү көздөй жылды да.
Урукзат берди кулунга,
Үйрүнө барып туруугa.
Кучактап сүйдү өкөбү,
Баладай көрчүү чынында.
Дагдырдан тилейт бир парзент,
Тулпарга жолдош кылууга.
Кудайым берсе бир уул,
Гүлканыштай сулууга.
Кай жерден көрсө мазарды,
Уктабай түнөп чыгууда.
Олуя ата тек турбас,
Бар экен ошол кылымда.
Жыңалаяк жөө басат,
Жайдын күнү жылуу да.
Түркстанга бет алды,
Парзант деген кыйын да.
Ыдырыз ата, Баба ата,
Булардын даңкын угууда.
Азирет Айып байгамбар,
Дарысы бар суунда.
Укканды жаздым кагазга,
Кошмосу жок бул ырда.
Тоспу атага түнөдү,
Боздошуп бала тиледи.
Баба атага түнөдү,
Парзант бер деп тиледи.
Жанында бар Бача ата,
Ада Олуянын бирөөвү.
Боздошуп тилейт кудайдан,
Болбоду кавыл тилеги.
Сандалып беш ай кыдырып,
Саргарды азып иреңи.
Арыктап ачка байкуштар,
Араң согот жүрөгү.
Айбандарча чөп жешип,
Аска, тоо, талаа, түнөгү.
Бечарага боору ачып,
Бербеди «кудай» бүлөнү.
Анда да эрди аялдар,
Баладан үзбөй күдөрдү.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Эгем койду зарлантын,
Эки бирдей түгөйдү.
Азирет Айып байгамбар,
Анында тузу имерди.
Азирет Айып байгамбар,
Куру калбайт дечүү баргандар.
Нарикбай менен Гүлканыш,
Бир парзантка болду зар.
Так Сулайман байгамбар,
Анданда сурап алган бар.
Ушулардай тентиреп,
Талаада сөөгү калган бар.
Адамзаттын башында,
Аргандай түрлүү арман бар.
Мал сурашып кээ бирөө,
Кедейликтен байыган бар.
Атагы улук жарыктык,
Ошол үчүн байгамбар.
Карыган кезде кор болду,
Кадырлашкан эки жар.
Жалдырап сурайт ар кимден,
Жарытылуу бербейт наар.
Как баш деп тилдеп тентишти,
Акылсыз Эшим батчагар*.
Издеген мазар ушулар,
Балким бардыр башкалар.
Азырет Айып, Сулайман,
Болбоду белги булардан.
Түштүк жагы Памир тоо,
Башында мөңгү кылайган.
Айланып кетбей булуттар,
Ак бактадай булайган.
Сураганы бир парзант,
Үмүтүн үзбөй кудайдан.
Бала деп жүрүн өкөбү,
Агарып чачы кууварган.
Ак куудай эле Гүлканыш,
Суйсайып чачы чубалган.
Азаптын тору чатышса,
Коркбойт тура убалдан.
Бирде жыргал, бирде азап,
Ушундай экен бу жалган.
Карып болуп тентиди,
Карыган кезде бу да арман.
Райым этсе дагдырым,
Баласын берсе суранган.
Эл-журтун, малын, тулпарын,
Бардыгын эстен чыгарган.
Бербеди кудай баланы,

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Мекен кылдык талааны.
Бир сөз айтам кулак сал,
Гүлканыш сага жагабы.
Көрүнүп турат көрдүңбү,
Маңдайкы тоонун караны.
Ошону көздөй бет алгын,
Жүр, Гүлканыш баралы.
Ошол тоо тегин тоо эмес,
Мазарын издеп табалы.
Ошенткенде Каныштын,
Бүркөлө түштү кабагы.
Анткенинин себеби,
Начарлап калган авалы.
Бала деп жүрүп шордуу чал,
Куураган жаным жадады.
Тоо экен деп барганда,
Баласын бере салабы.
Бергиси келсе кудайдын,
Болбойт беле кабары.
Гүлкапыш шордуу басалбайт.
Кан агып түшкөн таманы.
Түнгүзүн уктап эс алды,
Түк кетбеди эч кайгы.
Сулайман тактан жөнөшүп,
Түштүктү карай бет алды.
Басууга жок күч-алы,
Чал-кемпирди азап шор,
Бийлеп алды бүт баары.
Ал-жайын сурар эч ким жок,
Ичтеги толгон кусаны.
Сенделип алты ай жөө жүрдү,
Билинбей жолдун узагы.
Чыгалбайт окшойт адамзат,
Чырмалса дагдыр тузагы.
Байкуштарды кор кылып,
Бактысын, кудай бузабы?
Конбогон мазар калган жок,
Парзанттин жок жышаны.
Эскиче сөздөр ушундай,
Өзгөртүп кантип бузалы.
Качанкы тарых өңдөнөт,
Кайдан көрдүк биз аны.
Ыйлашат боздойт шордуулар,
Бир бала деп болду зар.
Мазар тайып, чөл басып,
Ашуудан ашып, кечти кар.
Издешип чөп-чар жебесе,
Күнү-түнү татбайт наар.
Бардыгы кенен кең дүйнө,

Алар үчүн болду тар.
Кайрымдуу эле өкөбү,
Кандай болду эки жар.
Ардуу киши чокой жок,
Айбандар менен барабар.
Жешкени чийе, бүлдүркөн,
Үйдөгү тамак кайда алар.
Тоо этектеп туш болду,
Өзөндө суусу агат шар.
Тегереги бак-дарак,
Эсилген өрүк алмалар.
Жүзүм, жийде, шабдалы,
Алжир, жаңгак анда бар.
Ээси берсе урукзат,
Сонун жер экен жан багар.
Ээсин тапбайт саргарып,
Эки, үч күн өттү айланып.
Курсагы тоюп жемишке,
Чал-кемпир калды жанданып.
Макул болсо ээси,
Күзөтчү болсок жан багып.
Жемиштүү дарак, көк шибер,
Бардыгын көрдү чандайып.
Ууру деп бизди кармаса,
Кантебиз дейт арданып.
Кайрымдуу эле карыкпа,
Өздөрү кайда жүрөт сандалып.
Бирде өйдө, бирде ылдый,
Бак-дөөлөт деген чар жайыт.
Көтөрө албай жемишти,
Эси ооду чалы шалдайып.
Ал шордуумду ким көмөт,
Өлүгү жатса дардаңы.
Деми чыкпайт Нариктин,
Дене-сөөгу арбайып.
Курбусун кыйбайт өлүмгө,
Гүлканыш боздойт саргайып.
Мүйүзүмдөн ажырап,
Токол эчки экенмин.
Жан курбудан ажырап,
Жалгыз кайда кетемин.
Балаңды койдум жараткан,
Чалымды бергин кетемин.
Бир парзант деп карыдым,
Кир болбой канап этегим.
Эшимди бактым балам деп,
Өткөрүп түндүн эченин.
Айбанды бактым бала деп,
Адамдан шордуу экенмин.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Кадырлуу аял Гүлканыш,
Карматбас болдуң кечегим.
Куураган жаным көрсөчү,
Куданын кайда экенин.
Шолоктобой мендейди,
Шордуу чал башты көтөргүн.
Араңдан Нарик эс алды,
Аз-аздан баштап жөтөлүп.
Эмне болдуң Гүлканыш,
Уктап калган экемин.
Гүлканыш билип ичинен,
Нур балкып эки жүзүнөн.
Түрсүлдөп жүрөк сүйүнөт,
Түндөгү көргөн түшүнөн.
Талыкшып уктайт Гүлканыш,
Айрылган кубат күчүнөн.
Нарикбай да дарман жок,
Балкылдап көзү шишиген.
Эсин жыйды эр — аял,
Жыпардай бактын ичинен,
Өсөндүү суу шаркырайт,
Өзгөрбөйт тунук түсүнөн.
Алма бак, дарак буруксуйт,
Дайын жок баккан кишиден.
Түшүндө келген бир адам,
Нур төгүлүп жүзүнөн.
Бала деп жүрүп байкуштар,
Айрылдын кубат күчүнөн.
Пенде элеңер ак-ниет,
Бейлиңерди түшүнөм.
Эс алып жата бергиле,
Кайгы, муңу басылып.
Бышкан жемиш ар түрлүү,
Терип жешти асылып.
Кубанычтуу кемпир-чал,
Жүрөгү толкуйт абтыгып.
Жадырап-жайнап эки жар,
Жаштардай күлөт каткырып.
Тунук суугa жуунду,
Денелерин фак* кылып.
Кубатка кирди чыңдалып,
Ичинен кайгы дарт чыгып.
Сүйүнгөндөн ыйлашат,
Көзүнөн мончок жаш чыгып.
Бала деп тентип кетти эле,
Башы көзүн ташка уруп.
Эл-журту малын таштаган,
Гүлсары атын баш кылын.
Арылат экен кайгы шор,

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Адамга келсе жакшылык.
Суранып жүрүп кайтышты,
Бир парзентти арттырып.
Алты айлык узак жол басып,
Бала деп тентип жөө басып.
Эти калып көк жашык,
Каны калып бир кашык,
Парзенттин зарпы болбосо,
Байкуштарга не жазык.
Кыдырды мазар калтырбай,
Кызылы кетип өңү азып.
Аңкыган жайык чөл басып,
Ашуусу бийик белди ашып.
Аскалуу кардуу Ак мөңгү,
Чытырман токой жер басып.
Акыркы мазар ушул жай,
Алы жок начар келди асып.
Жемиштен жейм деп Нарикбай,
Эси ооду эле тер басып.
Ээси билсе канттик деп,
Мөмөсүн жешкен уурдашып.
Беш-алты күнү жан багып,
Оңолушкан тың басып.
Элине кайтты карыптар,
Эрмектешип бир басып.
Бирине бири эркелеп,
Салкындап басат эртелеп.
Чоң дайрага туш келип,
Кечүүсүн издейт темселеп.
Жолуккан элден жол сурайт,
Билишсе айтып берсе деп.
Көпүрөдөн өткөрдү,
Бей тааныш адам жетелеп.
Заматта калды көрүнбөй,
Таң калды кандай нерсе деп.
Алыстан тоолор көрүнөт,
Ашуусуна жете элек.
Карыптар келе жатышат,
Кокондон өтүп бөксөлөп.
Заркандан өйдө чыгышат,
Чаначтын суун кечмелеп.
Ыдырыс ата, Чаткал тоо,
Ашуусу менен чектелет.
Мурунку өткөн жолу ушул,
Андагы күнүн эскерет.
Ушундай бир топ жардамды,
Чачты азиз кылды деш керек.
Бала деп жашын агызды,
Мазарды койбой барышты.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Туулуп өсүп көрбөгөн,
Дүйнөнүн жармын таанышты.
Жараткан кылып райым,
Акыры нарзент табышты.
Бала деп жүрүп байкуштар,
Чөп-чар жеп жанын багышты.
Кадырман хандын бири эле,
Ушундай алда калышты.
Эки көзү чачырайт,
Элдерин ойлоп алыскы.
Биринчи мазар Тек турбас,
Кеч курун жетип алышты.
Кубанычтуу эрди-аял,
Алгандай жоодон намысты.
Укканды толук колдондум,
Болгонбу жокбу, аныкбы.
Ойлосоң жүрөк зыркырайт,
Азапты тарткан карыпты.
Адамдын ниети ак болсо,
Акыры көрөт жарыкты.
Тек турбаска түнөдү,
Кубаттуу, шаттуу жүрөгү.
Дем алышты үч адам,
Курсагында бирөөзү.
Жадырап жайнайт Гүлканыш,
Жаш келиндей ирени.
Оюнан чыкты кайгы-зар,
Орундалып тилеги.
Жаш кезинде Гүлканыш,
Адамдын болуучу чүрөгү.
Андан да сонун жап эле,
Нарикбай сындуу күйөөвү.
Кадырлашып сыйлашкан,
Калдайган элдин түгөлү.
Кайрымдуу эле карыпка,
Наараазы бекен билели.
Нарикбайдай эл күтүп,
Башкарды экен ким эми.
Нарикке кейийт эл журту,
Эшимге жүктөп күнөөнү.
Бекерге элден кетирдик,
Пейили таза бүлөнү.
Чогултуп алыс жакынды,
Эл журту кылган акылды.
Бекерден элден кетирдик,
Нарикбайдай баатырды.
Бир жылча күтүп сыйлабай,
Хан шайласак макулбу.
Keминде бир жыл күтөлү,

Нарикбай сындуу асылды.
Бардыгым бирдей көрчү эле,
Бай болсун кедей жакырды.
Васири калды башкарсын,
Хан шайлаш бизге масылбы.
Машайык ошол деген бар,
Ким сыйласа башынды.
Бардыгы туура көрүшүн,
Ушундай ураан айтылды.
Аксакал жакшы кеменгер,
Убадасын так кылды.
Как баш деген суук сөз,
Кайранды бизден жат кылды.
Кайрылып келип калар деп,
Кадырын сыйлап калк турду.
Чыгышып Аулие атадан,
Жол тартты карып эки адам.
Мурун андай азапты,
Тартбаса керек эч адам.
Бет алды нууган элине,
Нарикбай, Каныш бечара.
Калкына аман барышса,
Калбагандай эч арман.
Кайыр сурап аргимден,
Кеч кирген жерге эс алган.
Дагдырдын берген насиби,
Талаадан терип энчи алган.
Ээн чөлдө баратат,
Эчким жок аны эске алган.
Жамандык түшсө көтөр деп,
Мурункудан сөз калган.
Буту колу чор болуп,
Карыгып начар көз калган.
Талыкшып жатып бир сайга,
Таӊ ата туруп кетти андан.
Тууганда эстен чыгарат,
Турмуштан өксүп кетсе алдан.
Балаанын күчү денеде,
Кубат бар Каныш энеде.
Баладай чуркайт өкөбү,
Басалбай калчуу демейде.
Парзенттин кандай кубаты,
Барышып калды Сомейге*.
Таанышкан эли сыйлашты,
Урматтап Нарик беренге.
Кайыр сурап тентиген,
Барганда кайра келерде.
Алдыӊан тосот ырыскы,
Адамзат бакыт көрөрдө.

Талаада боздоп жүргөндө,
Тапбаган тамак жегенге.
Канча күн жүрдү тентиреп,
Кайгылуу азап тереңде.
Азаптан дагдыр куткарды,
Ажалы жетип өлөрдө.
Тобуна келди кырк үйлүү,
Тогуз ай болду дегенде.
Талгак болду Гүлканыш,
Жолборстун этин жегенге,
Үч айлык бала боюнда,
Калган мал мүлкү колунда.
Мал союп элин чакырды,
Калтырбай бала чоңунда.
Кырк үйлүү журту бүт келди,
Кубаныч деген сонун да.
Каңгырап калган кырк үйлүү,
Кайран Нарик жогунда.
Тууган да, эл да табылат,
Турмушуң турса оңунда.
Гүлканыш менен Нарикбай,
Мындай деп айтты чогууга.
Келгенден кеттик тентиреп,
Биле албай өсөн, тоон да.
Гүлканыш элге баш ийип,
Бир сөзүм бар дейт оюмда.
Талгак болдум жолборско,
Бир этин жеп тоюуга.
Элдери макул болушту,
Жолборско чабуул коюуга.
Жарадар болсо көрсөк дейт,
Жаш балдар үчүн оюн да.
Асандан эли аттанды,
Тандашып минип аттарды.
Айылдан тапдап алышты,
Өспүрүм шыктуу жаштарды.
Жабыла карай издешет,
Зоокалуу бийик таштарды.
Карыса да Нарикбай,
Жакшы билет атканды.
Капталдуу өсөн токойдон,
Какмалап түрлүү жактарды.
Калың камыш булактан,
Аралап кароо башталды.
Качып чыкты үч жолборс,
Дем алып уктап жатканбы.
Нарикбай мээлеп атты эле,
Эң чоңу жерди жазданды.
Качалбай калып өкөбү,

Камаган элге капталды.
Жылкычы бирге келди эле,
Машыккан билет чапканды.
Кубанып кайтты келгендер,
Олжолоп үчтү тапканды.
Кубантып Каныш эжени,
Жолборстун этин жегени.
Далайды баштан өткөргөн,
Дагдырымдын чебери.
Үч жолборсту үч күн жеп,
Балкытты Каныш жеңени.
Ырас экен эл айткан,
Үч келет бакыт дегени.
Ачылган бакыт болбосо,
Айдаса жолборс келеби.
Тогуз ай, тогуз күн болуп,
Гүлканыш эркек төрөдү.
Чырымтал* эсен бой жетсе,
Чыгарат го өнөрдү.
Соргондо бала эмчекти,
Солкулдатат денени.
Ойбойлотуп Канышты,
Ошентип та эмеби?
Элинен тентип кетти эле,
Эмгегин тагдыр төлөдү.
Эмне болмок акыры,
Ошонон кабар берели.
Бир жашында сүйлөдү,
Билинбейт кайда жүргөнү.
Бир нерсеге алаксып,
Билинбей калат үйдөгү.
Келбей калат жок болуп,
Кезек-кезек күндөрү.
Уктабай чыгат Гүлканыш,
Ошондой болгон түндөрү.
Ардактап коет жаткырып,
Айылда сырын билгени.
Кырк баланы ээрчитип,
Кылыгы ошол күндөгү.
Кырдалы келип жетигип,
Кырк баланы бийледи.
Кыдырып жер-суу көрөбүз,
Кыркың тең атка мин деди.
Аргимиң жүгөн алгыла,
Ат кармайбыз жүр деди.
Атка минсе кырк бири,
Айбаттуу болду сүрлөрү.
Асынып кылыч найсаны,
Ай балта колдо илгени.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Ак параң, келте асынып,
Атышты мылтык машыгып.
Бала баатыр Чорого,
Бардыгы жүрөт баш уруп.
Алсаңыз мени кошо деп,
Чорого балдар асылып.
Барысын бирдей кийгизди,
Ата-эне кылбай каршылык.
Он жашар Чоро заңкаят,
Өзү ошондой жаш туруп.
Айылда жүрөт кырк бири,
Ары бери бастырып.
Алыша кетет экиден,
Бир нерсени пас кылып.
Айлыңды жоодон коргосо,
Бул эмеспи жакшылык.
Аттанам касың барбы деп,
Атасын калды шаштырып.
Эмне айтам жашка деп,
Атасы коркот аптыгып.
Айланып өбөг баласын,
Апасы сөзүн жактырып.
Ашыгат Чоро күнүгө,
Атанын сырын билүүгө.
Баласын коргоп жашсынтып,
Айткысы келбейт тирүүдө,
Нарикбай менен Гүлканыш.
Кеңешти жатып түнүдө,
Кырк бирин тең Гүлканыш,
Тарбиялайт бир үйдө.
Ата энеңдин сөзү көп,
Айтабыз балам жүр үйгө.
Чачты азиз берген парзентсиң,
Бир нерсе бар дилиңде.
Өзүңдөй баккам балам деп,
'Тулпарың бар минүүгө.
Гүлсары атын койдургам,
Хан болгон заман күнүмдө.
Он үч, он төрт жаштадыр,
Ошолордун биринде.
Кайберен болгон белгисиз,
Али жок менин үйүмдө.
Он асый болгон кезеги,
Ушул быйыл күзүндө.
Кырк жоокери биргелеш,
Кыдырып ашты бир белес.
Аскалуу таштуу адыр тоо,
Андайдан ашты миң белес.
Тулпарды издеп жүрүшөт,

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

'Табыла койчу түрдө эмес.
Кыйналбай кармап келүүгө,
Жылкылар менен бирге эмес.
Аракет кылып тапбаса,
Ал атты бирөө мин дебес.
Тапканда жүгөн каткыдай,
Таанымал тулпар миңги эмес.
Көк шибер жайлоо өсөндөн,
Көрүнүп калды бир элес.
Айбандай басып чөп оттойт,
Адамзаттын түрү эмес.
Жүгөндү берген алтындуу,
Тап таза бойдон кир эмес.
Өзү да билет Гүлсары ат,
Миң катынган, бир эмес.
Жүгөндү Чоро булкту эле,
Жүгүрүп келди тулпар тез.
Жүгүрүп келди энтелеп,
Жүгөндү жыттайт эркелеп.
Карап турат кырк жигит,
Кандай укмуш нерсе деп.
Алдыңкы бутун ашырып,
Чорону жыттайт желкелеп.
Айдарым салкын жел согуп,
Асмандын нуру көрк берет.
Эки жүрөк таанышуу,
Кокусунан кес келет.
Ата энеси бала издеп,
Айылдан кеткен темселеп.
Артынан боздоп кишенеп,
Анда да барган эртелеп.
Ата энеси муну айткан,
Тулпардын оюн чекмелеп.
Алдыда душман абдан көп,
Биз менен бирге кетбе деп.
Кайрылып кайра келебиз,
Дагдырым парзент берсе деп.
Кайып болгон Гүлсары ат,
Жолугам аман келсе деп.
Тулпарды коштоп жандады,
Чылбырын Чоро кармады.
Инисин көрүп Гүлсары ат,
Көңүлү куунак ал дагы.
Айыбын айбан дебесе,
Бир кишинин балдары.
Ардактап багып өстүрсө,
Адамды сыйлайт мал дагы.
Уламдан-улам сөйкөнүп,

Чородон башын албады.
Тулпардын пейлин макташып,
Кырк жигит да жайдары.
Арт жакта калат чубалжып,
Аска зоо өзөн сайдагы.
Кырк жигитке эр Чоро,
Айтуучу сөзүн камдады.
Ата-энеңден сурагын,
Азыр үйгө бар дагы.
Азап көрүп душмандан,
Алардын бардыр арманы.
Балдарды көрүп чыдамсыз,
Кубанды кемпир чал дагы.
Эр Чоро жигит турушту,
Эртелеп бетин жуушту.
Тамагын ичип кырк жигит,
Тазалайт найса кылычты.
Чагырмак, мылтык, ак келте,
Бардыгын даяр кылышты.
Нарикбай менен Гүлканыш,
Алар да үйдөн чыгышты.
Эр Чоро менен кырк жигит,
Эңкейип кулдук урушту.
Баяндап айтты Нарикбай,
Башынан өткөн жумушту.
Аксакал болуп картайып,
Ак жуумал бетим бырышты.
Кадырман барктуу хан болуп,
Көп көрдүм дөөлөт ырысты.
Алты суу жылкым жер жайнап,
Эл ичкен жыргап кымызды.
Таятаң эле Көкчө хан,
Башкарсаң түштүк чыгышты.
Эр Чоро менен кырк жигит,
Айтканды толук угушту.
Гүлканыш мындай баштады,
Иштерин айтып баштагы,
Ырас экен атаңдын,
Хан болуп дуулдап жатканы.
Энемден калган бир бала,
Эшим экен аттары.
Эмне билсин наристе,
Ошондо бир жаштагы.
Көтөрүп багып чоңойттум,
Ойлобой андан башканы.
Ар түрлүү тамак алдында,
Мингенге даяр аттары.
Ошентип жүрүп Эшим да,
Он сегизди аттады.

Үйлөнтсөк кантет дегенде,
Ылайык көрдү калк дагы.
Элден Эшим кыз издеп,
Өзүнө жакты тапканы.
Атаң болсо хан кези,
Элине сыймык айтканы.
Хан шайлады Эшимди,
Баш ийди түндүк жактары.
Жашымдан бактым терметип,
Чоңойду Эшим эр жетип.
Ошондо калган мезгилим,
Отуз-кыркка мен жетип.
Он жылдай Эшим хан болду,
Оолукса керек менменсип.
Калмакка каршы чыгам деп,
Жүрө албаптыр теңдешип.
Душмандар ээлеп тактысын,
Эшим качкан эл кетип.
Төрт жылдай жүрөт бекинип,
Аягы менен жер басып.
Кабарлаган Нарикке,
Калыс уккан эл жетип.
Капаланды Нарикбай,
Каңгырап башы жер көчүп.
Кантсе дагы бир боорум,
Кетмек белем мен безип.
Жигиттерин жиберди,
Эшимди таап кел дешип,
Жигиттер издеп тапкан жок,
Сөздөрүн айтып жөндөшүп.
Алты өсөн малга барганбыз,
Байтонго* түшүп алганбыз.
Аманын билип көп малдын,
Душмандын жолун чалганбыз.
Калмактар малдан кайтбайт деп,
Эл сөзүнө канганбыз.
Бардыгы аман соо экен,
Кыдырып көрдүк армансыз.
Бир өрөөндө суу жатат,
Ташы жок агат дармансыз.
Суу жээгинде бир кулун,
Капкактуу жатат жардамсыз.
Энеси жок жанында,
Эси оогон экен айласыз.
Башынан айрып капкагын,
Тумшугун сыгып салганбыз.
Ошондон бери тулпарды,
Бала ордуна кармайбыз.
Эркелетип кубанып,

Түн уйкусун чанганбыз.
Ошол кулун Гүлсары ат,
Каралдым саган арнайбыз.
Эшимден кабар берейин,
Эмне болду дебегин.
Абалкы болгон кордуктун,
Айтайын балам себебин.
Кайдан билдик Эшимдин,
Төрт жылдан кийин келерин.
Ага чейин эч кандай,
Укпаганбыз дарегин.
Атаңыз айткан Эшимге,
Аргандай жардам берерин.
Алты өсөн толгон көп мал бар,
Тандап мин, жумша керегин.
Тулпарды бергин бир минип,
Душманга каршы жөнөйүн.
Кандай пенде уга алат,
Балаңды минем дегенин.
Атаңыз айтты малымды ал,
Баламды минем дебегин.
Ичинен чыгар бир тулпар,
Бардыгын бердим ээлегин.
Айбанда болсо балам го,
Жарайбы мин деп бергеним.
Кашайган Эшим жиндеди,
Как баш деп бизди тилдеди.
Эркелетип чоңойттум,
Эмгегимди билбеди.
Эл алдында как баш дейт,
Жети өмүр жерге кирбеди.
Өзүмдөн чыккан бала жок,
Ошондо көөнүм кирдеди.
Малың кетсин душманга,
Какбаштар жерге кир деди.
Агасын как баш деп тилдеп,
Ошолбу анын күйгөнү?
Унчукбай калды былк этбей,
Олтурган толуп үйдөгү.
Бар чыгар кытмыр душмандар,
Баары эмес да сүйгөнү.
Олтурган элге бүт карап,
Нарикбай атаң сүйлөдү.
Бир парзенттин жоктугу,
Какбаш деп иним тилдеди.
Мындан көрө бала издеп,
Кетели Каныш жүр деди.
Какбаш деп уктук бала үчүн,
Кайгырган жокбуз мал үчүн.

Айбанда болсо бала деп,
Бералбадык ал үчүн.
Далалап кеттик тентиреп,
Бир парзенттин зары үчүн.
Кеткенде тосуп ыйлады,
Өзүнүн ахыбалы үчүн,
Кечир деп боздойт шум Эшим,
Сактоо чымын жаны үчүн.
Караган жокбуз Эшимге,
Как баш сөздүн тагы үчүн.
Жети күн көчүп бул жерге,
Конгонбуз мал бар үчүн.
Эки-үч күн конуп көчмөкбүз,
Токтодук малга жай үчүн.
Карагат деген шаар экен,
Камдандык Кара хан үчүн.
Тогуз желе бээ банлап,
Толтуруу тогуз саба үчүн.
Адамзаат жаралат,
Намыс, ызат, ар үчүн.
Карахан ханга тартуулап,
Канча мал менен калкылдап.
Кабыл алып Кара хан.
Сарайда жаттык салкындап.
Али бий деген бар экен,
Кекерлейт бизди чаркылдап.
Мага да сыймык бардыр деп,
Жандатып сүйлөйт каңкуулап.
Карахан ханы болбосо,
Каякта бизди барк кылмак.
Кетерде берди Карахан,
Отурган жерди айкындап.
Кайтканда калдык кубанып,
Кайгы жок, күлүп — жаркылдап.
Аркабыздан кубалап,
Али бий келди баркылдап.
Атаңды кармап Али бий,
Буунтуп урду алкымдап.
Нариктин эси оогондо,
Көкбөрү кылды такымдап.
Кайратсыз карып кырк түуган,
Бара алабы жакындап.
Ойногондо эл алды,
Ошондо атаң дем алды.
Ниетим туура жан элем,
Кор болдукбу деп алды.
Бир баланын зарпынан,
Биз көрбөгөн не калды?
Мага сыйлык жокбу деп,

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Али бий бизден кек алды.
Колумдан келер кайрат жок,
Кантмек элем мен аны.
Туугандар аман тургула,
Көрдүк го ушул абалды.
Бир баланын айынан,
Көргөздү тагдыр далайды.
Айланайын туугандар,
Ансыз да көөнүм карангы.
Көрүнгөндөн келтек жеп,
Жүргөнүбүз жарайбы.
Кош болсун карып туугандар,
Эстей жүр мендей адамды,
Тилекке жетип кайрылсам,
Бир берермин саламды.
Тентигенбиз эки тел,
Кала берген кайран эл.
Бала деп тентип кеттик биз,
Закымдап учуп шамал жел.
Али бий сабап атаңды,
Сүйрөп урган ушул жер.
Көзүмдүн жашын кургатты,
Кудуретим кеменгер.
Эшикте турат Гүлсары ат,
Жабдыктап токуп минип көр.
Азыр да жылкы жетишет,
Тандашып минсин жигиттер.
Эки миндей жылкы бар,
Табылбайбы күлүктөр.
Душмандан алат өчүн деп,
Силерге болом үмүткөр.
Ашыгып кирбей душманга,
Алы-жайын билип көр.
Бирине-бириң акыл бер,
Абтыгып жоого сыр берсең,
Ала гөөдөк баатыр дер.
Али бийди кармасаң,
Өлтүрбөй балам алып кел.
Эки жигит шайланды,
Белине кылыч байланды.
Кабарга кетип өкөбү,
Калгандары камданды.
Эмне шумдук болду деп,
Эси чыгып чал калды.
Али бийге жиберген,
Аттанып кеткен балдарды.
Айылдын ичи күбүрөп,
Адамдын баары таң калды.
Гүлканыш билет эл билбейт,

Угарбыз кийин калганды
Кармап алды Али бий,
Кабарын айтып барганды.
Токмоктоп эсин оодарды,
Жүрөгү согуп жан калды.
Элчиге өлүм жок дечү,
Эмне үчүн кармалды.
Али бий доңуз тоотбойт,
Аталаш картаң Караханды.
Алы жетсе Карахан,
Чорого кылмак жардамды.
Карахан берди кабарды,
Каттаган элден саламды.
Жибербегин али жаш,
Казатка жалгыз баланды.
Алдынан чыгам деп ойлоп,
Тартбасын кокус залалды.
Азыр адам жеңе албайт,
Али бий доңуз, арамды.
Алты жүз жоокер колунда,
Хандыгым тартып дагы алды.
Токсонго чыктым кубат жок,
Менин да күнүм караңгы.
Колуна түшсө бул доңуз,
Аябайт эч бир адамды.
Жиберген эки балаңдын,
Куралдарын дагы алды.
Чороңду баатыр деп угам,
Казатка каршы даярбы.
Аттанмак болду Алп бай,
Асынып эртең бараңды.
Өзүң билгин Нарикбай,
Ортоңо от жагамбы.
Азандан Чоро камданып,
Жоо жарагын байланып,
Көпчүлүк жеңбейт бак жеңет,
Жөнөштү таңга маал ай жарык.
Али бий доңус дегенге,
Эр Чоро калган арданып.
Аларда келип калыптыр,
Жер ортого шам жагып.
Жекеме-жеке, бир-бирден,
Сайышка чыкты тандалып.
Чородон барган жигити,
Сайганды согот чамданып.
Беттешип жүзүн жоготту,
Али бий жак алданып.
Машыккан жоокер анда жок,

Жүргөндөр келген мал багып.
Кайыр сурап көчөдө,
Жан баккан келген сандалып.
Баласынтып Чорону,
Али бий чыкты дардайып.
Аскадан чыккан аюудай,
Айбаттуу, сүрдүү арбайып.
Улуусуң жолду бердим да,
Урушчу болсон келгин да.
Уруп сокчу Нарик жок,
Уулу Чоро мен мында.
Сен көпсүнбө Көкчөдөн,
Карыпты жыйып келдиң да.
Алардагы жан баксын,
Кыйнабай кое бергин да.
Өлүмдү кимдер каалашсын,
Убалы бар го элдин да.
Али бий донус деп уккам,
Кашан* болсоң келгин да,
Айгышкан жоодо беттешүү,
Анысы болот эрдин да.
Күрөшчү болсоң макулмун,
Көздөрү көрсүм эл мында.
Сайышам десен даярмын,
Баатыр болсоң тобокел,
Мооку кансын жердин да.
Күрөшмөй болду өкөбү,
Калдайган элдин алдында.
Эки баатыр кармашты,
Колдору колго чармашты.
Али бий жүрөт күрсүлдөп,
Ал да өсүнчө албарсты.
Эр Чоро бекер бала эмес,
Жагалмайдай жармашты.
Топурак чыгып асманга,
Турган элди чаң басты.
Эттер канап, кан чыгып,
Дене сөөгүн жайлашты.
Али бий жыкса Чорону,
Башын кезип алмакчы.
Эр Чоро жыкса доңусту,
Тирүү кармап бармакчы.
Асандан кирген күрөшүп,
Кечке чейин тайлашты.
Али бийди көтөрүп,
Эр Чоро жерге бир басты.
Сүйүнгөндөн кырк жигит,
Жабыла чуркап ыйлашты.
Али бийди чынжырлап,

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Ал аңгыча күн батты,
Таңданып карап эл калды,
Качышмак болгон тең жармы.
Эр Чоро элге мындай дейт:
Дагы чыкчу эр барбы,
Тарагыла уруксат,
Тартбасын такыр эл кайгы.
Бата берип чуркурап,
Алдына бүтүн эл барды.
Эр Чоро элге мындай дейт:
Элиңде Карахан деген хан барбы,
Колумдан келсе дайыма,
Силерге берем жардамды.
Балдарды багып тынчтыкта,
Өстүрө бергин чарбаңды.
Хандыгын алсын Карахан,
Кутуртбай мындай дарданды.
Тууганын сыйлай билбеген,
Эрдикке жатат каягым.
Зындандабы өлгөнбү,
Бир билейин кабарын.
Кырк жигит ээрчип артыман,
Кырк үйлүү тууган калкынан.
Алты суу тама элди издеп,
Агасы Эшим зарпынан.
Жөн-жайын сурап жолмо-жол,
Жолуккан эл-журт жалпыдан.
Нарикбай безип кетти эле,
Алты суу тама тахтыдан.
Адамзат көрөт турбайбы,
Айырбаса бактыдан.
Нариктин уулу экен деп,
Тосушту эли астынан.
Алты суу өзөн, белди ашып,
Чөлдөрдү басты какшыган.
Алдынан тосуп урматтоо,
Ата-баба салтынан.
Нариктин уулу Чоро деп,
Калк түшүндү жарчыдан.
Эшимдин жөнүн сурады,
Аксакал кары, жакшыдан.
Бир айча жатты дем алып,
Раазы болду эл анык.
Эшимди эмне кылат деп,
Бир тобу калды шек алып.
Күлүктөр жакшы суусун деп,
Саяпкер жатты тер алып.

Алты адамды жөнөттү,
Калмактан кел деп кеп алып.
Даярданды эр Чоро,
Элинен жоокер көп алып.
Бардыгы даяр болушту,
Курал жарак дагы алып.
Алты киши келишти,
Аттары сууп жаралып.
Баатыр оюн курушат,
Кез-кезде таң агарып.
Зынданда жатат араң жан,
Чыгалбай Эшим камалып.
Калмактын ханы Шурутхасан,
Калыптыр чачы агарып.
Алыстан көрдүк байкатбай,
Жанына кайдан баралык.
Сарайга батбай быкылдайт,
Жоокери жүндөй сабалып.
Алты миң жоокер аттанды,
Жулкунтуп минген аттарды.
Кылкылдаган жоокерди,
Баатыр Чоро башкарды.
Чалкыган элдин көбүнөн,
Чаң көргөзбөйт асманды.
Калмакка жеткен убакта,
Доолбасы башталды.
Сарайдан чыкбай калышты,
Капыстан калмак шашканбы.
Ал тайбас жоокер турабы
Туш-тушунан капталды.
Курчап алды Эр Чоро,
Сарайда бүтүн жатканды.
Эр баатырга теңелип,
Урушгу салчу чак барбы.
Бирин койбой кармады,
Сарайдан чыга качканды.
Ханы Шурутхасанды,
Кармарына аз калды.
Кармашкан согуш болгон жок,
Чапкан жок бир да баштарды.
Шурутхасан кармалды.
Көргөзө албай дарманды.
Кабар берген жан болбой,
Капилеттен жайланды.
Башын ийип аргасыз,
Кол көтөрүп хан калды.
Эр Чоро колго түшүрду,

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Мен менсиген кайранды.
Бошоткун деди зындандан,
Калмактан жаза алганды.
Эр Чоро кылды буйрукту,
Аткарбаска ал барбы?
Алып келди бошотуп,
Калмакта жаткан жандарды.
Эшим да келди басалбай,
Ал шордуута ал барбы.
Кийинтип тамактандырып,
Карыптарды жайгарды.
Кабар берди келсин деп,
Карып, кедей, байларды.
Андай шоокум убакта,
Келбей калчуу жан барбы.
Сыйлашты келген адамды,
Гүлдөттү үч күн сарайды.
Боштондук берип кубанты,
Бечара, мискин, малайды.
Чакыртып алды эр Чоро,
Жазалуу байкуш аларды.
Ичинен таанып байкады,
Эшимдей шордуу чабалды.
Билесизби деп сурайт,
Эшимден Нарик агаңды,
Нариктин уулу Чоромун,
Каалабайм кылча залалды.
Издеп келдим атайы,
Аталаш сиздей агамды.
Колдоочу иниң мен турсам,
Кор болушуң жарайбы.
Кырмызы сарпай кийгизип,
Кылтыйтып тулпар мингизип.
Калмакты душман дебестен
Эрдигин журтка билгизип.
Алпарып Шурутхасандын,
Хандыгына киргизип,
Эшимди элине хан шайлап,
Өткөн дейт доор сүргүзүп.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

# С. ЧОЙБЕКОВДУН АЙТУУСУНДАГЫ «НАРИКБАЙ» ПОЭМАСЫНДА КЕЗИККЕН СӨЗДӨРГӨ ТҮШҮНДҮРМӨЛӨР

Түшүндүрмөлөр текстеги маанисине карай берилди

| | |
|---|---|
| Көксөөнү | - көксөгөнү. |
| Тоовасынан | - тообосунан. Кудайга тообо кылбай койгонбу |
| Пайгондо | - фаэтон, карета. |
| Паңсат | - мансап, наам. |
| Батчагар | - оңбогур, жүзү кара. |
| Фак | - дене бойду тазартып жуунуу. |
| Сомейге | - Семейге (Казакстандагы шаар). |
| Чырымтал | - ымыркай деген мааниде. |
| Кашан | - эр жүрөк, тайманбас. |

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

# МАЗМУНУ

«НАРИКБАЙ» ПОЭМАСЫНЫН ТАРЫХЫЙ НЕГИЗИ ЖАНА КЫРГЫЗ ВАРИАНТТАРЫНЫН СЮЖЕТТИК-КОМПОЗИЦИЯЛЫК БӨТӨНЧӨЛҮКТӨРҮ ........ 5

НАРИКБАЙ (С. ЧОЙБЕКОВДУН АЙТУУСУНДА) ........ 12

КИРИШ СӨЗ ........ 12

С. ЧОЙБЕКОВДУН АЙТУУСУНДАГЫ «НАРИКБАЙ» ПОЭМАСЫНДА КЕЗИККЕН СӨЗДӨРГӨ ТҮШҮНДҮРМӨЛӨР ........ 63